13
Миллиарддык футбол



9
Мөөлүттө ар жылы ар башка темага көңүл бөлүнсө



# САРЕСЕП

14-апрель, 2016-жыл
№14 (47)
saresep.kg
Калыс көз караш!

# Ички туризмди өнүктүрүүгө 7 себеп


8-бетте






Кечээги ушак бүгүн чындыкка айланганда

5-бетте



Медицинага камчы чапсаң, доосу бейтапка тиет

6-бетте



Кокондон айтам саламды, кыргыз эли аманбы?

10-бетте



# Чек ара картасын "оңдоп-түзөп" жатышат

Тажикстан менен Кыргызстандын өкүлдөрүнөн турган жумушчу топ эки өлкө ортосундагы чек аранын айрым талаштуу тилкелерин тактап, атайын топографиялык картага түшүрдү. Дүйшөмбүдө жалпы чектерди демаркациялоо туурасында маселе талкууланды.

Тажикстандын Жер түзүлүшү жана геодезия боюнча комитетинин төрагасынын биринчи орун басары Азизмахмад Каримзоданын айтымында, жумушчу топ макулдашылган чек ара тилкелерин акырындык менен атайын топографиялык картага түшүрүүдө. «Кыргызстан менен Тажикстандын бул маселе боюнча өз пикирлери бар. Ошондуктан адегенде талкуулап туруп, анын гана чек ара сызыгын картага түшүрүп жатышат. Бул жараян азыр уланууда жана жакын арада жумушчу топ дагы жолугат", – деди Каримзода.

Топографиялык жумушчу топту тажик тараптан Согди облусунун төрагасынын орун басары Рустам Рахматзод, кыргыз тараптан – аппарат жетекчисинин биринчи орун басары, КР өкмөтүнүн атайын өкүлү Курбанбай Искандаров жетектейт.

Эки өлкөнүн ортосундагы мамлекеттик чек аранын 971 чакырымы тактала элек. Азырынча 520 чакырымы гана демаркацияланды. Чектеш аймактардагы тургундардын ортосунда суу менен жер тилкесине байланышкан чыр-чатактар көп болот.




Президент Алмазбек Атамбаевдин ушул жылдын май айында Дүйшөмбүгө барары күтүлүүдө. Тараптар анын жүрүшүндө чек ара маселеси боюнча макулдашылган келишимге кол коюлары үмүттөнөт.

Кыргызстан 1958-жылдагы картаны негиз кылса, Тажикстан 1924-1927-жылдардагы карталар менен документтерге таянып, чек ара маселесин чечүү кечеңдеп келет.

# Мунайдын баасы 43 долларга чыкты

АКШда өндүрүлгөн мунайзаттын баасы күн санап жогорулап, бир баррелинин наркы кечээ 43 долларга көтөрүлдү. Бул – 2015-жылдын 3-декабрынан берки эң кымбат баа.

Мындай кымбаттоонун себебин АКШда мунайга болгон суроо-талаптын өсүшүнө, ошондой эле Сауд Аравиясы менен Орусия баштаган алдыңкы мунайзат өндүрүүчүлөрүнүн 17-апрелде Катарда боло турган жолугушуусуна байланыштырышууда. Жолугушууда дүйнөдө мунайзат өндүрүүнүн көлөмүн бир калыпта кармоо мүмкүнчүлүктөрү акыркы 15 жылда алгачкы ирет талкууга алынмакчы.

АКШда суроо-талаптын аздыгынан улам чийки мунайзатты өндүрүү кыскарууда. АКШ Борбордук банкынын кайра каржылоо ставкасын көтөрбөө чечими чийки заттын кымбатташынын дагы бир фактору болуп саналат. Ставка канчалык төмөн болсо, доллар ошончолук арзан болот. Ал эми доллардын арзан болушу мунайдын кымбатташына алып келет.



Эки күн катары менен өскөн мунай баасы Орусиянын акча бирдигине да таасир бергенин орусиялык басылмалар жазды. Учурда рубль өзүн туруктуу кармоодо.

# Чынгыз Султай күмүш байгенин ээси

Монголиянын борбору Улан-Батор шаарында шахмат боюнча Азия чемпионаты өтүүдө. КРнын шахмат федерациясынын президенти Мирлан Турпановдун айтымында, Кыргызстандын атынан 14 жаш шахматчы катышууда. Азия биринчилиги 6дан 18ка жашка чейинки категориялар арасында өтүп, ар бир курактан бирден бала, бирден кыз күч сынашууда.

Азыркы учурда блиц түрүнөн Чынгыз Султай мелдештин күмүш байгесине ээ болду. Мындан сырткары, Съездбекова Айжан кошумча көрсөткүчтөр менен алганда төртүнчү орунда баратат. Ошондой эле, Чынгыз Исаев 18 жашка чейинкилер арасында 4-орунда келе жатса, 10 жашка чейинкилер арасында Жайнаков Таалай 10-орунда келүүдө.

Республиканын шахмат боюнча 5 жолку чемпиону жана Шри Ланкада Азия шаарлары арасында өткөн таймашта 3-орунду, Сингапур мамлекетинде 2-орунду жана Кореяда 1-орунду багындырган Чынгыз Исаев 6 жылдан бери шахмат менен машыгып келет. Анын Азия чемпионатында да ийгиликке жетүү мүмкүнчүлүгү чоң.

Кошумчалай кетсек, Кыргызстан командасы командалык эсепте жакшы жыйынтык менен алдыңкы сапта келе жатат.



# Диний кырдаалды изилдөө борбору ачылды

Кыргызстанда Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын карамагында иштей турган Диний кырдаалды изилдөө борбору ачылды.

Бул мекеме диний чөйрөдөгү изилдөө, мониторинг жана билим берүү иштери менен алектенмекчи. Ошондой эле эл аралык уюмдар менен жигердүү кызматташып, маалымат алмашып турат.

Акыркы жылдары Борбордук Азиянын бардык республикаларында радикалдуу жана экстремисттик диний агымдар күчөп баратканы байкалган. Сирия менен Иракта согушка катышып жүргөн кыргызстандыктар жөнүндө маалымат алгач үч жыл мурун жарыяланган. Расмий маалыматка ылайык, андан бери ал жакка 500дөн ашуун кыргызстандык жаран жөнөп кеткен.

Бийлик диний экстремизмдин алдын-алуу боюнча бир топ чараларды көрүүдө. Аталган борбор дин маселелери боюнча кеп-кеңешин айтып, жаңжалдардын алдын-алуу, болтурбоо жана аларга жооп кайтаруу боюнча сунуштарды иштеп чыгып, мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматкерлеринин диний маселелер боюнча квалификациясын жогорулатууга кол кабыш кылат. Ошондой эле калктын диний сабаттуулугун арттырууга көмөктөшөт.





# Жогорку Кеңеш өкмөттүн жаңы курамын бекитти

Бүгүн, 13-апрелде Жогорку Кеңештин жыйынында премьер-министр Сооронбай Жээнбеков башында турган КР өкмөтүнүн иш программасы жактырылып, өкмөттүн жаңы курамы бекитилди. Бул жөнүндө Жогорку Кеңештин токтому кабыл алынды.

КР өкмөтүнүн жаңы курамы төмөнкүдөй:

– Премьер-министр Жээнбеков Сооронбай Шарипович;
– Биринчи вице-премьер-министр Абулгазиев Мухамметкалый Дүйшөкеевич;
– Вице-премьер-министр Панкратов Олег Михайлович;
– Вице-премьер-министр Кудайбердиева Гүлмира Каримовна;
– Өкмөттүн аппарат жетекчиси – министр Осмоналиев Акылбек Шарипович;
– Экономика министри Кожошев Арзыбек Орозбекович;
– Ички иштер министри Турганбаев Мелис Токтомамбетович;
– Юстиция министри Мамбеталиева Жылдыз Жээнбаевна;
– Финансы министри Касымалиев Адылбек Алешович;
– Өзгөчө кырдаалдар министри Боронов Кубатбек Айылчиевич;
– Эмгек жана социалдык өнүгүү министри Базарбаев Кудайберген Базарбаевич;
– Билим берүү жана илим министри Сариева Элвира Кубанычбековна;
– Маданият, маалымат жана туризм министри Максүтов Алтынбек Аскарович;
– Саламаттык сактоо министри Батыралиев Талантбек Абдуллаевич;
– Айыл чарба жана мелиорация министри Бекбоев Турдуназир Бекбоевич;
– Транспорт жана коммуникациялар министри Айдаров Зарылбек Казакбаевич;
– Тышкы иштер министри Абдылдаев Эрлан Бекешович;
– Мамлекеттик улуттук коопсуздук комитетинин төрагасы – Президенттин номенклатурасы;
– Коргоо иштери боюнча мамлекеттик комитеттин төрагасы – Президенттин номенклатурасы.

Гезит ээси - ЖЧК "Горизонт Медиа"
Юстиция министрлигиндеги катталуу номери - 1925
САРЕСЕП

Башкы редактор: Эсен Өмүракунов
Редколлегия: Талгат Деркембаев, Насыпбек Асанбаев, Эдил Айдаров, Эсен Өмүракунов

Жооптуу редактор: Насыпбек Асанбаев
Кабарчылар: Айпери Азатбек кызы, Жылдыз Акбар кызы, Таңчолпон Бакытбек кызы, Акылай Туткучева, Рахат Акматова

Пикир айтуу үчүн E-mail: sarеsepkg13@gmail.com
Медиа жана жарнама: Эдил Айдаров
Тел.: (0312) 45 48 68, (0703) 73 82 31
Жарнама үчүн E-mail: saresep@mail.ru

Дареги: Бишкек ш., Бөкөнбаев көч., 195/71
Тел.: (0312) 45-48-68, (0555) 20-45-71
WWW.SARESEP.KG
Facebook: Саресеп гезити

Нускасы: 6500
Буйрутма № 858
Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалгаланды. "ММК колдоо борбору" фондунун басмаканасында басылды.

# Кыргызстандын президентин Кремль тандайт



**Агасы Сооронбай Жээнбеков премьерликке көрсөтүлөр замат, иниси Асылбек өз ыктыяры менен спикерликтен кетти. Ушундан улам инисинин кийинки кадамы кандай болот деген суроо көпчүлүктүн талкуусуна түштү.** Биз экс депутат Равшан Жээнбековдон: **"Келиш үчүн кетиш керек дегендей, Асылбек Жээнбеков спикерликтен кетип, президенттикке ат салышууга камынып жаткан жокпу? Эгер ошондой болсо, ал адамда мамлекет башчыга таандык сыпаттар барбы?" деген суроо менен кайрылып көрдүк.**

– Белгилүү бир адамды президент болот, же президенттике аттанат деп так атап көрсөтүш кыйын. Анткени президенттикке барууда эки фактор Кыргызстанда аябай маанилүү. Биринчи фактор Кремлдин колдоосу. Президент боло турган адамды сөзсүз түрдө Кремль колдошу керек. Кремль колдобогон адам эч убакта Кыргызстанда президент боло албайт. Анын колдоосуз президент болуш абдан оор. Ал эми экинчиси болсо, ал адам азыркы бийлик тарабынан колдонулушу керек. Мына ушул эки факторду чогулта алган адам президенттикке аттанууда жана андан утуп чыгууда шансы көбүрөөк болот. Кыргызстанга ким президент болот, аны шайлоочулар же эл чече албайт, аны Кремль чечет. Эки бир тууганды бири спикер, бири премьер министр болгондо кандайдыр бир каражаттарды, же кызматтарды өз пайдасына ыйгарып алганга көбүрөөк мүмкүнчүлүк түзүлүп калат. Ошондуктан бири башка кызматка которулушу керек. Ал эми Асылбек Жээнбековдо, деги эле бүгүнкү бир дагы саясатчыда Кремлдин колдоосу бар деп айтыш кыйын. Ал азырынча билинбейт. Балким, кай биринде бардыр, ким билет. Бирок Кремль дагы президент Атамбаев дагы өз коопсуздугун ойлоору белгилүү. Кремлдин колдоосу менен коюлган президент Атамбаевдин коопсуздугун камсыздап, Кремлдин Кыргызстандагы толугу менен башкарылган куурчагы болуп бериши керек. Учурда ушундай президентти издештирип атышат.

# Темир Сариевге кылмыш козголбойт



**"Балыкчы – Корумду" автожолунун курулушундагы мыйзам бузуулар боюнча депутаттык комиссиянын отурумунда транспорт министри Аргынбек Малабаев Темир Сариевди айыптаган. Анын айтымында, тендерде утуп чыккан кытайлык компанияда өкмөт башчынын жеке кызыкчылыгы бар.** Биз укук коргоочу Турсунбек Акунга **«Балыкчы-Корумду жолу боюнча Темир Сариевге кылмыш иши козголушу мүмкүнбү? Кылмыш иши козголсо аягы кандай бүтөт?" деген суроо берип, мындай жооп алдык:**

– Темир Сариевге кылмыш иши козголбойт. Анткени бул саясий чечим болду. Темир Аргенбаевичтин ал жерге эч кандай тишеси жок. Бул жөн гана саясат. Темир Сариевдин эл арасында кадыр-баркы өсүп баратат. Ак үйдөгүлөрдүн көбүнө караганда иштеп жаткан. Азыркы бийликке күчтүү адамдын кереги жок экен. Аларга "хоп майлилер" керек экен. Ошондуктан аны кетириш керек болду. Мисалга алсак, Нариман Түлеевди камап салды. Мырзакматовду кууп ийди. Эми Темирди кетиришти. Алар айланасына өздөрүнүн сөзүнөн чыкпаган кошоматчылардын баарын жыйнап алышты. Сариевге кылмыш иши эмнеге козголуш керек? Эгерде бийлик команда берсе козголот, бербесе козголбойт. Бирок Сариевдин ичипжегенине ишенбейм. Анткени ал таза жигиттерден. Сатыбалдиевдин Оштогу курулуштары боюнча канчадан бери кылмыш иши козголбой эле жүрбөйбү. Козгоп койсо деле болмок. Бирок бийлик кылмыш ишин козгогонду каалабайт. Эгерде кааласа, козгоп коё берет. Бизде мыйзам иштебейт. Бир эки адам кандай айтса, ошого жараша болот. Бул адамды шайла дешсе, алар ошону шайлашат. Ал адамды кайра түшүр десе түшүрүп коюшат. Канат Кедейканович деген адамды айдактап койду. Ал Темирди айтып, түшүрүп койду. Келдибековду камабаш керек эле, камап коюшкан. Эми аны азыр актап жатышат. Бизде ушундай саясат болуп жатпайбы. Сот, прокуратуранын баары бийликке баш ийип, бийлик эмне десе эле ошону аткарып калды. Мурдагы президент Аскар Акаевдин убагында кандай болсо, азыр деле ошондой болууда. Кыргызстанда 25 жылдын ичинде 28 премьер-министр кетти. Малайзия мамлекетинде 25 жылда болгону 3 премьер министр алмашыптыр. Учурда Малайзия эң күчтүү мамлекеттердин бири.

# Эне деген мектеп оңолсо, коом оңолот



**Өткөн жумада Кыргызстанда "Ислам-тынчтыктын жарчысы" аттуу китеп окуу конкурсу болуп, миңдеген адамдар катышты. Ушундан-улам "мындай иш-чаранын маанилүүлүгү эмнеде?" деген суроо менен** Аалымдар кеңешинин төрагасы Абдышүкүр ажы Нарматовго **кайрылып, төмөнкүдөй жооп алдык:**

– Кереметтүү Курандагы биринчи аят "оку" деп башталат. Пайгамбарыбызга биринчи буйрук оку болсо, тилекке каршы 80% мусулман калкын түзгөн Кыргызстанда, дүйнө жүзүндө эң аз китеп окуган мусулмандар экен. Биз көбүбүз мусулманбыз дейбиз, бирок, тилекке каршы, Исламдын, Курандын атынан башка нерсени билбейбиз. Дүйнөлүк изилдөөлөрдү карап көрсөк, кээ бир батыш өлкөлөрүндө ар бир адам жылына 13–14 китеп окуйт экен. Эгер биз китеп окубасак, анда качан оңолобуз? Даанышман адам "Инсан билбеген нерсесине душман" деп айткан экен. Биз динибизди, пайгамбарыбызды канчалык таанып, канчалык таанытып жатабыз? Бул ар бирибиз ойлончу маселе.

Мени кубандырганы, быйылкы конкурска 8000 адам катышып жатса, анын 70 пайызы аялдар. Бул кубанарлык нерсе туугандар. Эгер эне деген мектеп оңолсо, анда коом оңолот. Эне пайгамбарды жакындан таанyса, өзүнүн мазхабын билсе, хадистер (пайгамбар айткан сөздөр) менен балдарын тарбиялаcа, ал бала койнунда котур ташы бар туура эмес багыттарга, секталарга алданбайт. Эненин берген тарбиясы өтө чоң орун ээлейт. Азыркы катышып жаткан энелер, эжелер, карындаштар, аталар, агаинилер, уюштуруучулар баарыңарга баалуу сыйлык бере албашы мүмкүн. Бирок силердин негизги сыйлыгыңар конкурска катышканыңар, пайгамбарыбызды дагы да жакындан тааныганыңар. Эгер хадистен катышып жатсаңар, анда ошол нерсеге амал кылууга, башкаларга жеткирүүгө аракет кылгыла. "Абу Ханифа" китебинен катышсаңар, анда аны дагы да жакындан таанып, мазхаб башчыбыз жөнүндө башкаларга жеткирели.

Пайгамбарыбызды Аллах "Сен эң жогорку кулк-мүнөз ээсисиң" деп мактаган. Ошондуктан биз бул конкурска катыштым деп, же мен Солтомун, Саякмын деп ата-тегибиз менен мактануудан алыс бололу. Себеби уруубузду, ата-тегибизди, ата-энебизди биз тандаган жокпуз. Эгер сыймыктансак, адеп-ахлагыбыз, жүрүм-турумубуз менен сыймыктаналы.

# Бул жерге добуш сатып алгандар келбейт



**Бул аптада өткөн «Добуш сатуу Кыргызстандын келечегине урулган сокку» деп аталган тегерек үстөлдө «Эл добушун сатпашы үчүн эмне кылуу керек?» деген суроого** КСДПнын депутаты Ирина Карамушкина **төмөнкү жоопту берди:**

– Эскерте кетсем, Президентибиз Алмазбек Атамбаев 2015-жылдагы шайлоо компаниясынын акыркы этабында өлкөнү кыдырып: "Сатылбагыла" деп байма-бай үндөп жүрдү.

Шайлоочунун өз добушун сатуу маселесин Жогорку Кеңештин угууларында кароо керек. Анан ЖМКлар аркылуу коомго кайсы фракциялар катышканын айтып, жайылтуу зарыл. Кайсы фракциялар бул көйгөйгө кайдыгер караганын да айтуу керек. Бул жерге баягы эле 8–9 жоопкерчиликтүү депутат келдик. Ал эми калганы ошол добуш сатып алуу менен алектенгендер. Алар бул жерге келишпейт.

Шайлоо кампаниясында мен бардык аймактарга барып чыктым. Эл менен жолугуп жатканда, өкүнүчтүүсү – бардык эл атынан чыккандар, топ башылар түз эле "Бул жерибизди оңдоп-түзөп берсеңер, биз силерди шайлайбыз" деп айтышканына күбө болгом. Бизди, партиябызды шайлаш үчүн эмне кылышыбыз керек экенин эч уялбай эле айтышкан. Партиянын сапаты айрым адамдарды гана кызыктырат. Менин баамымда шайлоочулардын 30 пайызы намыстуу, 40 пайызы акчага сатылгандар. Добушун саткандарга административдик, сатып алганга кылмыш ишин козгош керек. Себеби мыйзам чегинде бардыгына кылмыш ишин козгоп койсо, социалдык жактан корголбогон адамдар эле жабыркайт. Айлыгы жок, жумушу жок, акчасы жоктор жоопко тартылып калышы мүмкүн. Мына менин өзүмдүн эле тааныш мугалимдерим: "Акча берсе шайлай берем, ким өткөнү маанисиз" деп айтышкан. Жарандарыбызды саясат тууралуу тайкы түшүнүгү бар партиялар сатып алышат. Шайлоо алдында эл эле эмес, ЖМКлар да, артисттерибиз да сатылат.

Эскерте кетсек, бул тегерек үстөлдө добушун саткан шайлоочуга кылмыш ишин козгоону "Демократ" партиясынын төрагасы Азамат Акелеев, көз карандысыз эксперт Эрик Ирискулбеков да колдогон. 25 жылдан бери добуш сатуу боюнча бир да кылмыш иши козголгон эмес. Себеби бир да адам укук коргоо органдарына мындай арыз менен кайрылганга даай алган жок.

# Евродой валюта киргизүү – учурдун талабы - 2

Ар түрдүү көз карандысыз мамлекеттердин экономикалык биригүүсү учурдун талабы. ЕАЭБди түзүүгө аргасыз болгонубуздай эле бул уюмдун алкагында бирдиктүү валюта киргизүүдөн башка арга жок

Макалабыздын биринчи бөлүгүндө Евразиялык экономикалык биримдиктин (ЕАЭБ) өзүнө тиешелүү акчасы болуш керек дегенбиз. Аны «евраз», «транзитал» же «алтын» деп атайбызбы, же башка болобу, айтор, иштетип кетүү үчүн үлгү зарыл. Буга эң жакшы жана эң жакын үлгү бул евро. Ошондуктан евронун калыптануу тарыхын жана азыркы көйгөйлөрүн билүү абзел. Еврону киргизүүгө бир нече геосаясий себептер түрткү болгон. Европадагы Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин башталган биригүү процесстери евродой бирдиктүү акчанын болуусун талап кылган. Бирок 1970-жылдары «Вернер планы» деп аталган Европанын экономикалык биригүү саясаты ишке ашпай калган.

### Пайдасы жок туугандан бек кармашкан жат жакшы

Биригүү аракеттери өткөн кылымдын 80-жылдары оң натыйжасын бере баштаган. Ал кезде экономикалык байланыштар менен мамлекеттер аралык тескөө күч алган. Европа мамлекеттеринин мекемелери арасында биргелешип иш уюшуруу тармактары пайда болгон. Акча-каржы тармагындагы өзгөрүүлөр капиталдын бир мамлекеттен экинчисине тоскоолсуз өтүп бирдиктүү базардын пайда болуусуна табигий байланышып калган. Мунун баары акыры 1989-жылы саясий, экономикалык жана каржы биримдиги программасынын пайда болуусуна алып келди. Аны француз Жан Делор өнөктөштөрү менен бирге түзүп чыккан.

«Делор планы» төмөнкүлөрдү белгилеген:

**1.** Базар мамилелерин жакшыртуу үчүн бирдиктүү базар түзүү жана атаандашууну колдоо;

**2.** Артта калган аймактар менен региондорду алдынкыларга теңдөө;

**3.** *Инфляциянын** алдын алуу, баалар менен экономикалык өсүүнү турукташтыруу үчүн экономикалык, бюджеттик, салыктык саясатын бирге жүргүзүү;

**4.** Акча жана валюталык саясатты макулдашып туруу үчүн Европанын борбордук банктарынын башкаруучулары жана жооптуу мүчөлөрүнөн турган Европа валюталык банкын негиздөө;

**5.** Бирдиктүү валюталык саясат жүргүзүү, валюталарды бекитилген курстары менен бирдиктүү валютага киргизүү.

Мындан сырткары, 2000-жылга чейин «Евробиримдик» (ЕБ) аттуу саясий биримдик түзүү маселеси коюлган. Башында ал мүчө болгон өлкөлөрдү коопсуздук боюнча бирдиктүү тышкы саясат жүргүзүүнү милдеттендирген.

> Европа мамлекеттеринин акча-каржы тармагындагы өзгөрүүлөр 1989-жылы саясий, экономикалык жана каржы биримдигин түзүү чечимине алып келди.

### «Жыланды» ийнине киргизген Маастрих келишими

Европа борбордук банкынын жана бирдиктүү валютанын киргүүсүнө байланыштуу 1957-жылы ЕБ түзүлдү деп жарыялап жиберген Рим келишимин өзгөртүү керек болду. Валюталык биримдик пайда болушу үчүн бардык валюталардын *«европа валюта жыланы»** деп аталган акча курстарынын өйдө-төмөн болуусун чектеген келишимге кирүүлөрү зарыл болчу. Ошондой эле ЭКЮ менен улуттук валюталардын өз ара алмашуусун жөнгө салуу максатында ишке киргизүү тартибин жана ал тартипти ким киргизерин аныктоо үчүн бирдиктүү валютанын расмий жана жеке жүгүртүүсүн бирдей кылуу керек эле.

«Делор планынын» негизинде 1991-жылдын декабрында ЕБ тууралуу Маастрих келишими иштелип чыккан. Ал бир нече кадам менен валюталык-экономикалык биримдик түзүүнү бекиткен. Европалык биримдик тууралуу келишимге ЕБдин 12 мамлекети Маастрихте (Нидерланд) 1992-жылдын февралында кол коюп, парламенттер ратификациялап, 1993-жылдын 1-ноябрында күчүнө кирген. Кийинчерээк бул келишимге Австрия, Финляндия жана Швеция кошулушкан. Маастрих келишими боюнча экономикалык жана валюталык биримдик үч этап менен түзүлмөкчү болгон.

> ЕБ мамлекеттеринин Борбордук банктарына мамлекеттик ишканалар менен мекемелерди колдоого, мамлекеттин карыздарын сатып алууга тыюу салынган.

### Биринчи этап

1990-жылдын 1-июлунан баштап 1993-жылдын 31-декабрына чейин ЕБдин экономикалык жана валюталык биримдигинин бутуна туруусу каралган. Анын алкагында ЕБ тууралуу Маастрих келишимине ылайык, биримдик түзүү боюнча бардык даярдыктар кылынган.

Тактап айтканда, ЕБ ичинде жана ЕБ менен үчүнчү тараптар арасындагы капиталдардын эркин айлануусуна тоскоол кылган бардык нерселер жоюлган. Биримдикке кирген өлкөлөрдүн экономикалык деңгээлдеринин жакындоосуна өзгөчө көңүл бурулган. Ал үчүн бир нече жыл алдын-ала эсептелген жакындоо программалары иштелип чыккан. Анда инфляцияга каршы бюджеттик саясаттын конкерттүү максаттары менен көрсөткүчтөрү даана аныкталган.

Еврону бирдиктүү акча катары киргизүү даярдыгы убагында инфляцияны азайтуу, мамлекеттик каржыны жакшыртуу жана мамлекеттердин валюталарынын өз ара туруктуулугу тууралуу маселелер ЕБдин Экономикалык жана каржы маселелери боюнча кеңешине ыкчам сунулуп турган.

### Экинчи этап

1994-жылдын 1-декабрынан тартып 1998-жылынын 31-декабрына чейин ЕБге мүчө мамлекеттер еврону киргизүүгө конкреттүү кадамдарды шилтемекчи болушкан. Бирдиктүү валютага өтүүгө уюштуруу структурасын калыптап чыгууда негизги жүктү кийин Европа борбордук банкына (ЕББ) айланчу Европа валюта институту (ЕВИ) моюндамакчы болгон. Анын негизги иши болочок ЕББнын өз милдеттерин аткарууга зарыл болгон укуктук, уюштуруучулук жана материалдык-техникалык шарттарын аныктап чыгуу болчу. Мындан сырткары, ЕВИ экономикалык жана валюталык биримдикке кирерден мурун ЕБге мүчө мамлекеттердин акча саясатын бириктирип жөнгө салууга да жооптуу болгон.

Үчүнчү этапта төмөнкү биригүү иш-чаралары аткарылмак.

- ЕБге мүчө мамлекеттердин Борбордук банктары аркылуу мамлекеттик ишканалар менен мекемелерди колдоого тыюу салган мыйзамдарды кабыл алуу. Бул мыйзамга ылайык банктарга мамлекеттик карыздарды сатып алууну токтотуу да буюрулган. Үчүнчү этапта бул тыюулар ЕББга да тиешелүү болгон;
- Мамлекетке тиешелүү ишканалар менен мекемелерге каржы уюмдардан акча-каражат алууда артыкчылык берүүсүн токтотуу мыйзамын кабыл алуу. Үчүнчү этапта бул тыюулар ЕББга да тиешелүү делген;
- ЕБдин бир мамлекетинин милдеттенмелерин ЕБ же ЕБдин башка мамлекети тарабынан моюндоосуна тыюу салган мыйзамдарды киргизүү. Бул чара «кепил болуудан баш тартуу тиркемеси» деп аталган;
- ЕБдин мүчөлөрүнө кабыл алынган жылдык мамлекеттик каржысынын бюджеттик жетишпестигин Ички дүң продукциясынын (ИДӨ) 3%ынан ашырбоо жана мамлекеттин карызын ИДӨнүн 60%ынан жогору кылып жибербөө талабы коюлган. Бул талап ЕБ Кеңеши тарабынан көзөмөлдөнүп, каржы жетишпестиги аша чаап бара жаткан мамлекеттерге түздөп кетүү чараларын сунуш кылуу менен коштолгон;
- ЕБдин Борбордук банктарына өкмөттөрүнөн уставдык көз карандысыздыкты камсыздаган мыйзамдарды кабыл алуу. Муну менен алардын деңгээли Европа борбордук банкынын деңгээли менен теңделген.

Сериябыздын акыркысында еврону киргизүү үчүн үчүнчү этапта коюлган талаптар менен таанышабыз жана Евробиримдиктин азыркы абалына көз чаптырабыз. Акырында Евразиялык экономикалык биримдиктин бирдиктүү акча жүгүртүүдө ЕБден кем эмес тажрыйбасы бар экенине токтолобуз.

Каржы боюнча эксперт
МУРАТ КОЙЛУБАЕВ



### Экономикалык терминдер

**Инфляция** - (лат. Inflatio — шишүү) — товар менен кызмат бааларынын көтөрүлүүсү.

**Валюта** – акча ролун ойногон нерсе (баалуу кагаздар, милдеттенмелер, металл ж.б.у.с.).

**Европа валюта жыланы** – европалык валюталардын АКШ долларына карата бекитилген курстарынан ±2,25% чегинде (тоннель ичинде) «сойлоосу».

# Кечээги ушак бүгүн чындыкка айланганда

Кыргызстан спорт, илим-билим, техника жаатында рекорддук көрсөткүчтөрдү көрсөтө албай келген менен, мэрди жана премьерди алмаштыруу жагынан алдына ат салдырбай келет. Алыскы өлкөлөрдү мындай коёлу, ушул турган Борбор Азия өлкөлөрүнүн вазирлери жок дегенде үч, беш жылда бир алмашып келсе, бизде эң эле көп деген Апас Жумагулов гана беш жыл толук иштеп, калган 27си эки жылдан ары узабаптыр

Акыркы алты жылда эле Кыргызстанда тогуз өкмөт башы премьерлик кызматты аркалады. Деги эле өлкөбүз көз карандысыздыгын алгандан тарта баш-аягы 28 премьер бул кызматтын даамын татып өткөн. Көпчүлүгү ээрге отурганда эле кыйшак отуруп, бир аз бастырып барып куласа, кай бири бул жумушка отурарын түшүндө да көргөн эмес.

Мындан келди, деги баш вазирлердин байпактай алмашышынын себеби эмнеде? Аларга милдет берилип жатканда жалпы элдин кызыкчылыгы ойлонулду бекен, же жеке эле бир адамдын керт башы үчүн орун алмашып жатышабы? Эгер мунун баары мамлекеттин келечеги үчүн жасалган болсо, анда эмнеге өлкөбүз өркүндөбөй келет деген өңдүү суроолор учурдун көйгөйү болуп тургандай.

Эмесе бүгүнкү макалабызды эркин саясий талдоочу Гүлжигит Исаковдун пикири менен баштасак.

## Ак мышыкпы, көк мышыкпы айырмасы кайсы?

– Бүгүнкү күндө биз Жамааттык Жоопкерчиликсиздикке келип такалдык. Жогорку Кеңештин 6-чакырылышындагы партиянын баары "биз жетиштүү мандатка ээ эмеспиз" деген шылтоо менен жоопкерчиликтен баш тартат. Алар кааласа, БШК аркылуу 65 мандат алып (бурмалоо колдорунан келет) жоопкерчиликти толук мойнуна алса деле болмок, бирок андайга атайын барышкан жок, Анткени аларга эч ким жооп бербеген жагдай ыңгайлуу болууда. Элге чындыкты айтсаң, айтkандын оозу жаман, ыйлагандын көзү жаман дегендей, ушинтип эле сындай беришет деп терс кабыл алышат экен. Бирок азыр чындыкты айтпаганга аргабыз барбы? Ден Сяо Пин: "Ак мышык болобу, кара мышык болобу, чычкан кармап берсе болду", – деп жакшы сөз айткан. Мен да ошону айткым келип отурат. Бизге азыр чычкан кармаган мышык керек. Тилекке каршы, учурдагы коалиция көпчүлүгүндө андай бычакка сап адам көрүнбөй калды. Ушундан улам азыр Баланчаев тиги кызматка, Түкүнчеев бул кызматка отурат экен деген жаңылыктарга кызыкканыбыз курулай убакытты өлтүргөнгө эле жатат. Булар күнүмдүк эле кабар болуп калды. Ал эми реформа жасаган, системаны өзгөрткөн адам келиптир дегенди нагыз жаңылык десек болчудай.

## Кыргызстан системалык кризистен кантип чыгат?

Бийлик менен байлык соо адамды сокур кылат дегендей, майлуу кызматка келген адам бат эле жемкор, паракор адамга айланат да калат. Көпчүлүктүн акчасын өз байлыгындай көрмөй адат 25 жылдан бери түптөлүп отуруп, акыры көнүмүш өнөкөткө айланып бараткансыйт. Ал эми Исаковдун оюу боюнча бул өлкө көз карандысыздыгын алгандан бери калыптанып, чечилбей келген системдик туташ кризистин кесепети.

– Бүгүн кризисти үчкө бөлсөк болот: дүйнөлүк кризис, биздин өнөктөшүбүз болгон Орусия, Казакстанда болгон кризис. Анан тээтиги көз карандысыздыкты алган күнү түптөлүп, уланып келаткан туташ кризис. Үчүнчү кризиске эртеби-кечпи көңүл буруп, аны жоюшубуз керек. Болбосо канчалык таза адамды бийликке алып келбе, ал эртеси эле жанындагы жемкорлорго кошулат. Мисалы, азыр эң күчтүү экономистти алып келип өкмөт башчы кылсак, ал кишинин колунан көп нерсе деле келбейт. Анткени 25 жылдан бери үйүлүп калган баш аламан система ага жол бербейт.

## Ушактар чынга айланганда

"Сариев кетет экен, ордуна баланча келет экен" деген ушактын тараганына 2 жумадан ашты. Так ошондон бери премьерлик кызматка көз артып, талпынгандар арбый баштаган. Калк айтса, калп айтпайт дегендей, ошол ушак бүгүн чындыкка айланып, президенттик аппарат жетекчисинин орун басары Сооронбай Жээнбековдун өкмөт башчылыкка коюлган талапкерлигин парламенттеги коалиция колдоп берди. Окуя көз ачып жумгуча болуп кетти. Анын астында эле президент Алмазбек Атамбаев "жазгы талаа жумушу кайнап жатканда жаңы премьерди шайлоо узакка созулбашы керек" деген болчу.

Чынында, элдин бийликке ишеними илгери эле өлгөн. Ошондон улам Жээнбековдун премьер болорун уккандар "Аа, ошол болот бекен, болсо болсун. Айрымасы кайсы? Бийликтеги адамдардын баары бирдей эмеспи" дегенсип кайдыгерликке салды.

## Жеп ичмей качан токтойт?

Өкмөт башчылардын кызматтан кулашынын себеби, өкмөтүн жөндөп өргө тарта албагандыгында. Акыркы алмашкан премьерлерди эле алсак, алардын ишмердүүлүгү ар кандай коррупциялык айыптоолор менен коштолуп отуруп, ачык сынга кабылып, акыр түбү кызматынан кетүүсүнө алып барган. Өзгөчө соңку төрт жылдагы 4 премьердин изи ташка тамга баскандай эл эсинен кете элек.



Алгач опол тоодой амбициясы менен келген Өмүрбек Бабановдон баштасак. 7% үстөк менен кредит берем деп жүргөн Бабановго элдин ишеними зор болчу. Бирок Бабанов ишенимди актай алган жок. Анын кызматы менен коштошууга 1,4 млн. долларлык аргымагы түздөн-түз себепкер болду. Анткени депутаттар ал аргымакты парага алган деп айыптап чыкты. Аягында Бабанов тагылган айыптан арыла албай, өкмөт башчылыгынан ооп түштү. Андан кийин анын ордун Жантөрө Сатыбалдиев ээледи. Бирок мунун дагы мөөнөтү бир жылдан араң ашты. Себеби 2010-жылкы коогалаңда кыйраган Ош жана Жалал-Абад шаарларын калыбына келтирем деп бир топ акчаны сапырып жибергенин депутаттык комиссия иликтеп чыккан. Кийин анын ордуна Жоомарт Оторбаев келди. Чынында, анын ишмердүүлүгүнөн шылуундук махинациялар байкалган жок. Бирок 1 жылдан ашык отурса дагы, ошол таптын көйгөйү болуп турган Кумтөр маселесин төркүнүнө чыгара албай койгону өзүн уялткан беймм, айтор, өз ыктыяры менен кызматын таштап качкандай элес калтырды.

Ал эми кечээ жакында Балыкчы-Корумду жолун куруудагы тендер чыры Темир Сариевди кызматынан өз арызы менен кетүүгө аргасыз кылды. Чырдын аркасында Сариев турганын айтып чыккан транспорт министри Аргынбек Малабаев экөө кайым айтышып жатып, акыр түбү депутаттардан түзүлгөн комиссия тендер одоно мыйзам бузуулар менен коштолгонун аныктап чыкты. Бирок Сариев деле бул жыйынтыкка дароо макул боло койгон жок. Ар кандай фактыларды келтирип, тендерге тиешеси жок экенин айтты.

Бирок, а-бу дегени менен, өкмөт башчынын кызматтык абалына доо кетип, натыйжада бийликке жеткенине жыл айланбай ээрден ооп түштү. Албетте, бул жерде кимдир бирөөнүн максаты эптеп ушул орунду бошотуп, ордуна өзү каалаган бирөөнү отургузуу болсо, анда ал максатына жетти. Эгер Кыргызстанга ушундан пайда келе турган болсо, анда биз ага баракелде дейт элек. Бирок, чыныгы максат кайсыл болушу керек эле? 6 млн элдин акчасына көз артып, суук колун сунган арам тамакты кокодон алып, жегенин желим, ичкенин ирим кылыш беле, же кимдир бирөөнү чалып жыгып, башка бирөөнү отургузуу беле? Мына күн айланбай Балыкчы-Корумду жолунда курулуш иштери солгундап, жумуш айтылган мөөнөттө бүтпөйт деп турушат. Ал арада канчалаган адам ошол жолдон өтөт? Канчалаган адамдын унаасы зыянга учурап, канча чыгым кетет? Айыл аралай кеткен жолдун сапырылган чаңы, ылай-баткагы, аң-чөнөгү канча кишинин шаабайын суутат? Акыры түбү бир түзгөн келишимин он бузган, бир жасаткан ишин он текшерип, биринин артын бири чукуган өкмөткө кайсы чет элдик ишенип, биз менен иштегени келет? Мына, эң биринчи максат ушул көйгөйлөрдү чечүү керек эле? Бирок, Темир Сариев кетип, Жээнбеков келгенде эле ошонун баары эстен чыгып, унутулуп калса, анда булардын максаты эмне экени сокурга да дайын болуп калары турган иш.

АКЫЛАЙ ТУТКУЧЕВА



## Үмүттөр аткарылганда ишеним кайтып келет

**Саясат таанууч Искендер Ормон уулунун** пикиринде, кайрадан элдин ишенимине татуу оңойго турбайт. Анын айтымында качан күтүлгөн үмүттөр аткарыла баштаганда гана ишеним кайтып келет.

– Эл апрель ыңкылабынан кийин жаңы түзүлгөн бийликтен жана өкмөттөн көптү күтүп, зор үмүттөнгөн. Бирок ошол үмүттү актай турган реформалар жана өзгөрүүлөр болгон жок. Анан албетте, элдин ишеним индекси төмөндөйт. Өткөнү келечекке далил дегендей, бүгүн ал реформанын ишке ашышы кыйын болуп турат. Себеби, реформаны ушуга чейин кылбаган персона мындан ары дагы кыла албайт. Ал эми өкмөткө келет деген адамдар деле менин билишимче, реформачыл адамдар эмес. Бизде, жалпы эле постсоветтик авторитардык режимден чыккан өлкөлөрдүн бир оорусу өздөрүнүн кылып аткан жигердүү иштерин элге жеткиликтүү түшүндүрө албагандыгында. Бирок ошол эле учурда, кетирген кемчиликтерин ашыкча ашкерелеп алышы.

# Медицинага камчы чапсаң, доосу бейтапка тиет

Бизде медицина кызматына наараазы болгондор көп. Мындай көрүнүштү акыркы убактагы Саламаттыкты сактоо министрлигинин кан тапшыруу анализи жана анын бири-бирине төп келишпеген жыйынтыктары күчөткөнсүйт

## Анализдердин түрдүү жыйынтыктары чоң коркунуч эмес дешет

Кыргызстан лабораторияларынын иши акыркы убакта көңүл чордонунда болууда. Өткөн апталарда саламаттыкты сактоо министри Талантбек Батыралиев өз атын жашырып шаардагы бир нече лаброторияга канга анализ тапшырган. Натыйжада колуна тийген анализдердин жыйынтыгы ар кандай болуп чыккан.

Ушундан улам, окуянын чын-төгүнүн билүү максатында шаардагы мамлекеттик жана аты чыккан менчик лабораторияга баш багып, жалпы кандын анализин тапшырып көрүүнү чечтим. Алгач лабораторияга киргенде эле анализдин акчасын төлөдүм. Мамлекеттик лабораторияда 2 саат кезекке туруп, манжаман кан алдырдым. Бул аралыкта бир канча жолу дарыгерлер өз тааныштарын кезексиз алып кирүүгө үлгүрүштү. Эмнегедир эч ким үндөгөн жок. Ал эми жеке менчик лабораториянын шарттары жагымдуу болгону менен, кызмат баасы бир топ жогору экен. Бул жерден канды венадан алышып, анализ жыйынтыгы тапшырган күнү даяр болорун, атүгүл электрондук дарекке келерин маалымдашты. Ал эми мамлекеттик лабротриянын бой көтөргөн кызматчысынан бардык маалыматты өзүм суроого туура келди. Жыйынтыгын болсо эртеси күнү келип, алып кетеримди билдим.

Анализдин жыйынтыктарын алганымда эле көрсөткүчтөрдө айырма бар экени байкалып турду. Ушундан улам, себебин билүү максатында ошол эле мамлекеттик бейтапкананын терапевтине кайрылдым. Анын айтуусу боюнча, анализдеги көрсөткүчтөрдүн айырмасы эч нерсе эмес экен. Эң негизгиси эки анализде тең гемоглабин нормада турат дейт. Сандагы айырмалар бири күрөө тамырдан, бири манжадан алганда, ошондой эле тамак-ашка дагы байланыштуу деди. Балким мен ач карын бир жерде эки саат турсам, экинчисине барганча организмде бир аз өзгөрүүлөр болуп кетсе керек. Ошондой эле бул жерде анализ чыгаруучу аппараттар да чоң роль ойноорун кошумчалай кетти.

## Биздин дарыгерлер жакшы касапчы болгудай

Кыскасы, лабораториялардын чуусу ансыз деле ишеничтен чыгып калган кыргыз медицинасына күмөндү күчөттү. Кыргызстанда анализдин жыйынтыгы гана эмес, диагноз коюу, туура дарылоо, бейтапка сылык мамиле жасоо деген нерселер да так аткарылбай келет. Буга кесипкөй адистердин жана заманбап медицина техникаларынын жетишсиздиги себепкер.

Бул тууралуу кайрылганыбызда Насыр мырза биздин өлкөдө колдонулуп жаткан медициналык аппараттар чет мамлекеттердин музейинде да жок экен деди.

– 2012-жылы август айында көзүм көрбөй баштаганынан доктурга баргам. Республикалык бейтапкананын көз бөлүмүндө бир кемпир бар экен. Эски лупасы менен карай баштады. Чынында, өзүнүн деле көзү болбой калыптыр. Анан операцияга жиберди. Сол көзүмө операция жасатып, наркозго кирип чыкканым аябай оор болду. Кийин чет мамлекеттен операция жасатканымда, биздики жөн эле кыйноо экенин билдим. Анан дагы айта турчу нерсе, көз бөлүмүнүн ичи базардай эле. Дарыгерлердин ар биринин өз аймагы бар экен. Ооруулуларды өздөрү жетелеп келип эле көздөрүн чукулап жатышты. Мен ал жерде 1 ай дарыланып жүрүп көзү такыр көрбөй калгандарга күбө болдум. Мамлекеттик болгондуктанбы, же дарыгерлер кайдыгер болуп калышканбы, айтор, кызматы да аябай начар. Ошол операциядан кийин көзүм ооруй баштады. Дарыгериме "ичинде бир нерсе калып калган го" десем, "Эч нерсе жок" деп кетонал эле бере берди. Аягында ашказаным болбой калды. Анан барып-барып, малга бере турган дарыны жазып бере баштады. Дарыгерлердин дагы өздүк дарыканалары бар окшойт, "баланча жерге бар" деп атайын дарыканага жиберип жатышты. Кийин "Оң көзүңүздү дагы көрүп, операция жасаш керек экен" деп чыгышты. Ошондо "кокуй көздөн ажырап кала электе жоголоюн" деп Түркияга барып, беш жолу 2 көзүмө операция жасаттым. Көрсө, ширеңкенин учундай болгон вата сол көзүмдүн ичинде калып калыптыр. Наркозу болсо аябай жеңил болду. Ушундан улам биздин медицинанын акыбалы аябай начар экенине ынандым. Түркиянын дарыгерлери акыбалыбызды көрүп, силердин дарыгерлериңер ак халаттарын чечип эле мал союшсун деп айтышты", – деди ал.



## Туура эмес диагноз үчүн дарыгер жоопко тартылат

Анткени менен, ошончо наразылык күч экенине карабай, расмий түрдө арыз менен кайрылгандар жокко эсе. Буга элибиздин "Баары бир оңолбойт" деп кол шилтеп койгону себеп болдубу, же кимге, кантип кайрыларын билбей калышканбы, айтор, белгисиз. Ошондон улам жабыр тарткан бейтаптар кантиш керек деген суроо менен адвокат Асел Рысбаевага кайрылганыбызда ал туура эмес диагноз койгону үчүн дарыгерди жумуштан бошотуп, кылмыш ишин козгосо болорун айтты.

– Албетте, баш мыйзамда көрсөтүлгөндөй, ар бир жаран өз ден-соолугун коргоого укуктуу. Мындай учурда доо коюу үчүн диагноздун туура эмес коюлганы эле жетиштүү. Кыргыз Республикасынын жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндө мыйзамына таянсак, диагностика – медициналык жардамдын түрүнө кирет. Демек, жабырлануучу жарандык тартипте материалдык зыяндын ордун толтурууну талап кылуу укугуна ээ. Материалдык зыянга, дарыланууга жана дарыдармектерге кеткен каражат, санатордук-курорттук дарыланууга кеткен каражат, дарыланган мезгилде иштебей калгандыгына байланыштуу колдон чыккан киреше жана башка кошумча чыгымдар кирет. Ошону менен бирге, бейтап моралдык залалдын да ордун толтурууну талап кылуусу мүмкүн.

Диагноз коюуда келтирген катачылык үчүн жарандык жоопкерчилик менен бирге медициналык персоналды дисциплинардык жоопкерчиликке тартуу да мүмкүн. Ал эми, туура эмес диагноздон улам бейтаптын ден-соолугуна оор зыян келтирилсе, же оор кесепеттер келип чыкса, прокуратура органдарына кайрылуу керек. Мындай учурларда кылмыш иши да козголушу мүмкүн. Соттук териштирүүдө диагноздун катачылыгын медициналык документтер (история болезни, выписка) тастыктап берет. Эгерде регистратурада ал кагаздарды берүүдө каршылык көрсөтүп жатса, аталган мыйзамдын 73-беренесин эскертүү керек. Анда "пациент ден соолугунун абалы жана жүргүзүлгөн дарылоонун натыйжалары жөнүндө болгон маалыматтарды алуу укугуна ээ" деп жазылган. Пациенттин талабы боюнча ден-соолугунун абалы чагылдырылган медициналык документтердин көчүрмөсү берилет, – деди.

ТАҢЧОЛПОН БАКЫТБЕК КЫЗЫ



### Медицинабыз өнүгүүдөн 20 жыл артта калган

Чет өлкөлөргө салыштырмалуу Кыргызстандын медицинасы 15-20 жыл артта калган. Мамлекеттик бейтапканалардагы жабдуулар союз убагындагы бойдон турат. Ал эми бейтаптарга жасалган мамилени айтпай эле коёлу. Көп жылдан бери Германияда дарыгер болуп эмгектенип келе жаткан **хирург Бакыт Көбөгөнов** мырза биздин медицина реформага муктаж экенин мындай билдирди:

– Өлкөбүздөгү лабораториялардын чыгарган жыйынтыктары бирдей болбогону аябай өкүнүчтүү. Бул жерде канды сактоо эрежелеринен дагы, лабораториялардын технологияларынын жалпы кабыл алынган стандарттарга жооп берүүсү негизги ролду ойнойт. Өз практикамда Кыргызстандан алып келинген диагноздор, Германиядагы кесиптештерим койгон диагноздор менен шайкеш келбей калган учурлар болгон эмес. Бирок медицинадагы каталар бардык сфераларда кездешүү нерсе. Бул жерде негизи маселе адамдык факторго тийиштүү. Кыргызстанда туура эмес дарылайт жана диагноз жаңылыш коюлат деген нерсени көп угуп калабыз. Буга өлкөбүздөгү саламаттыкты сактоо тармагындагы каражаттын жетишсиздиги, кесипкөй адистердин даярдоо мүмкүнчүлүктөрүнүн жоктугу себеп болот. Жалпысынан биздин медицинабыз реформага жана өнүгүүгө муктаж. Жаңы система менен камсыздалбаганына, айлык акысынын аздыгына карабастан дарыгерлерибиз иштеп жатышат. Болгону кээ бирлери өз иштерине олуттуу мамиле кылбагандыктан ушундай каталар келип чыгууда", – деди.

Өлкөбүздөгү медицина тармагына көп жылдан бери жаңыланууну киргизебиз деп айтып келишет. Бирок өкүнүчтүүсү баягы эле орой кызматкерлер, бечара бейтаптар, эски аппараттар, туура эмес диагноздор өкүм сүрүп келүүдө.

# Кароосуз калган кыздар зордукталабы?

"Эки дөө согушса, кара чымын кырылат" деген сөз бар эмеспи. Анын сыңарындай, бул окуяда эки бир тууугандын чыр-чатагы ортодогу балдарга залакасын тийгизип, он гүлүнүн бир гүлү ачыла элек жапжаш кыздын тагдырына балта чабылып отурат...



Үстүбүздөгү жылдын 8-апрель күнү "Кабар" маалымат агенттигинде "14 жашар Айгерим аттуу кызды аталаш тууганы Эрлан Дөлөнов зордуктап жүргөн", – деп эжеси Рахима маалымат тараткан. Ошондон көп өтпөй эле 11-апрель күнү Эрлан Дөлөновдун туугандары жана айылдаштары Эрлан андай ишке барбаганын айтып чыгышты. Эмесе биз ушул окуяны башынан иликтеп көрсөк…

## "Кыздын сөзүнө эч ким көңүл бурган эмес"

**Зомбулукка кабылган Айгеримдин эжеси Рахима Айкымбаева** болгон ишти башынан баштап айтып келип, Жогорку сотко чейин арызданганын төмөнкүчө билдирди:



– Талас облусунун Бакай-Ата районунун Кыргызстан айылынан келдим. Айгерим менин бир тууган агамдын кызы. Ата-энеси кандайдыр бир себептерден улам ажырашып кеткен. Айгеримди сиңдим жана кызым катары кабыл алам. Анткени 7 айынан бери биздин колубузда. 2012-жылдары дагы бир байкебиздин баласы Эрлан Дөлөнов бир жыл бою зордуктап жүрүптүр. Бул тууралуу сиңдим бизге айткан. Бирок, Эрлан мойнуна албаган соң окуя жабылуу бойдон калган. Анан эле 2013-жылы зордуктоо кайра башталыптыр. Сиңдимдин айтымында 2013-2014-жылы үйдө эч ким жок кезде, ашканада идиш жууп жүргөн жеринен "Айтам сизди" дегенине карабай зордуктап коюптур. Эгер айтсаң, атаңдын арагына уу кошуп берем деп да коркуткан. Кыз коркуп убагында эч кимге айта алган эмес. Анткени мурункусунда анын сөзүнө эч ким көңүл бурган эмес. Мына ошол жылдан тарта Эрлан өзүнүн арам оюн ишке ашырып келген.

Рахиманын айтуусу боюнча, акыркы убакта кыздын мүнөзү өзгөрүлүп, өлүм тууралуу көп сүйлөй баштаган. Бирок, ага эч ким деле маани берген эмес. Ал эми Э.Дөлөновду айылдагылар ыймандуу, абройлуу бала деп билчү. Эки уул, бир кыздын атасы болгон Эрланды эч ким мындай жолго барат деп ойлогон эмес.

– Окуянын толук уккан соң, 2015-жылдын 29-июлунда Бакай-Ата райондук ички иштер органына арыз менен кайрылдым. Ал эми кыздын кордук көргөнүн, кыздык белгиси жок экенин сот экспертиза тастыктады. Бирок, тергөөдө Дөлөнов коюлган айыптын эч бирин мойнуна алган жок. 2015-жылдын 2-декабрында Бакай-Ата райондук сотунун төрагасы Ташкараева тастыктоочу документтердин бар экенине карабай, КР Кылмыш жана жаза кодексинин 129-134-беренеси менен Эрлан Дөлөновду эки жылга үй камагына кести. Ушундан улам, акыйкаттык издеп Жогорку сотко кайрылууга аргасыз болдум. Болгон үмүтүм ушул сотто.

## "Бул окуядан кийин атам жана иним көз жумду"

Ал эми **Эрландын эжеси Жылдыз Төлөнөва** инисинин ак экенин жана Рахима кызды баккан үчүн акча сурап жүргөнүн төмөнкүчө билдирди:

– 29-июлда Эрланды "Камакка алып кетишти" деп айтышты. Иним намаз окуйт. 3 баласы, келинчеги менен жакшынакай эле жашачу. Атам ушул окуя болгондон кийин каралбай калып, 1,5 айдан соң көз жумду. Андан көп өтпөй эле инибиз каза болуп калды. Ошондо Рахима телефон чалып "Апче, атам менен апама айтпай келдим. Байкем каза болгонуна күнөөлүү болуп калдым" деп баштык көтөрө келип куран окуткан адам болду. "Мен кызды дагы 3 жыл багышым керек. Ошондуктан мага шарты бар үй, кыздын дарыланышына жана окуусуна акча бериңиз" деди.



Бишкеке келгенимде да таенеси куран окутуп келип, кызга бир бөлмөлүү үй алып бергиле деди. Ушундай сүйлөшүүлөрдөн соң жактоочу менен акылдаштым. Жактоочуга Эрлан: "Мен акмын. Бир сом да бербегиле" дептир. Булар өздөрү сурап алып, кайра уялбай: "Мага акча сунуштады" деп айтып атат. Кызыл-Аскерден 14 миң долларлык үйдү алып бересиңер дешкен. Мен деле келесоо эмесмин да, үй алып бергидей.

Анткени бала ак, кызга тийген эмес. Экспертизасы таза чыккан. Болгону кыздын кыздык белгиси бузулган деген жыйынтык бар экен.


Ал эми Айгеримдин жана Эрландын чоң апасы соттун акыйкат чечим чыгаруусун сурануу менен бирге Эрландын мындай жолго барбасын айтты. Анын айтышынча Рахиманын бир тууган агасы Жайлообай мас болуп алып, Эрлан айылдагы башка кыздарды да зордуктап жүргөнүн айткан. Бирок, ал кыздардын бирөөсүнүн атасы алардын үйүнө барса, аны ата-энеси үйгө киргизбей коюшат. Балдарын түнү менен шаарга качырып ийген. "Эгерде чындык болсо, аларды эмне качырат эле?", – дейт ал.



## "Балким кыз башка бирөө менен болгон чыгар"

Бул тууралуу чын-бышыгын билмекке **Дөлөнов Эрландын жактоочусу Нурбек Жумагуловго** кайрылганыбызда, ал тергөө учурунда көптөгөн кемчиликтер кеткенин айтты

– Мен Таласка барып кошуналары, туугандары менен сүйлөштүм. Көрсө, ал 14 жаштагы кызды 1 айлап кошунасынын үйүнө таштап коюшат экен. 11 жашар кезинде эжесинен акча алуу үчүн бир айылдан башка айылга чоочун таксилерге түшүп барып келчү экен. Ал кыз ошол учурда эмне кылып жүргөнүн эч ким билбейт. Бирөөнүн үй-бүлөсү деген баары бир бирөөнүкү. Кыз чындап зордуктаган күнөөлүүнү жашырышы мүмкүн. Биз Эрланды актап берүүсүн сурандык. Анткени тергөө учурунда көптөгөн кемчиликтер кеткен. Мыйзамдын талабына ылайык, такталбаган далилдер болсо, ал соттолуучуунун пайдасына кетет деп жазылган. Биз ошонун негизинде бул жерде кылмыштын белгиси жок деп сурандык. Эки жылдан бери кызды зордуктаган деп айтылууда. Бирок ошону түздөн-түз кармап алган же көргөн киши жок. Балким зордуктоо болгон эмес. Кыз өз калоосу менен башка бирөө менен болгон чыгар. Ал аны айтпайт да.





Укканыбыз боюнча эки бир тууган Айкымбай менен Анарбайдын илгертен келген жер талаш маселеси бар экен. Ошол окуя өрчүп отуруп эми алардын балдарына да жетип, залакасын тийгизип келүүдө. Ал эми эки бир туугандын тууганы Салкынай эже бул окуяда Эрланга да, Айгеримге да тартпай, акыйкат чечилишин тилеп турат. Анткени менен алар өз ара сураштырганда Айгерим Эрландын ичинен тырык көргөнүн айткан. Бирок, Эрландын ичинен эч кандай тырык таба алышкан эмес. Ошондон улам ал Эрландын мындай ыплас ишке барарына ишене албай отурат.

Иликтөөбүздүн аягында **Эрлан Дөлөновдун** өзүнө кайрылып, болгон окуяны өз оозунан укканга аракет кылдык.

– Коюлуп жаткан дооматтардын баары жалган. Булар башка нерсе таба албай ушуга келишти. Ортобузда 20 жылдан бери жер талаш маселеси бар. Айылдын баардыгы бул окуяны билет. Мурун туугандар болду деп урушту токтотушкан. Ошону менен токтоп калганбыз. Кийин "кой атамдын бир тууганы" деп үйгө чакырып, чай ичишип калдык. Бирок көп туугандар: "Абайла, алыс жүр" дешкен. Мен булардын жаман оюу бар экенин билген эмесмин. Байкемдин огородуна биз жактан ток кетип 3 жолу замыкание болгон. Ошол себептен токту алам дечүмүн. Мен агама карагай берем каалаган жактан тартыңыз дегем. Бирок агам: "Мага келгенде эле ушинтип каласың" деп баштаган. Жеңем болсо: "Мен силерди акыры бир нерсе кылам" деген. Бирок жеңем ачуусу менен айтып жатса керек дегенбиз. Көрсө, ошол нерселерден келип отуруп ушу акыбалга келиптирбиз. Алар мени ушундай ыплас нерсеге такап жатат. Тергөөдө алар мени бир ай мурун зордуктаган деди. Мен андай болсо биологиялык экспертизага берели дедим. Биологиялык анализге тапшыргандан кийин алар 1,5 жыл мурун зордуктады деп жатышпайбы. Сотко жакындап калганда алар кайра 3 жыл мурун зордуктады деп башканы айта башташты. Булардын айткан сөздөрүнүн баары жалган. Эч качан мындай болгон эмес. Эми Жогорку сот акыйкат чечим чыгарып берсе деген үмүтүм бар".

Эки бир туугандын балдары болгон соң бул маселени өз ара эле чечишип алса болбойт беле деген ой жаралат. Бирок, баары бир таш менен урганды аш менен ур дегендей, булар бири-биринин мурунку-кийинки каталарын кечирип, туугандча элдешип алышса болмок. Ал эми Жогорку сот болсо бул ишти кайра башынан каралсын деп чечим чыгарды.

АЙПЕРИ АЗАТБЕК КЫЗЫ

# Ички туризмди өнүктүрүүгө 7 себеп

Базар экономикасынан тажрыйбасы жок өлкөбүздө «болгондун баарын экспорттосок сонун болот» деген пикир калыптанган. Андан бери 25 жыл өттү. Натыйжага карай келгенде алма өзү бышып оозубузга түшүп берген жок. «Коррупция... Башка жолго түшүп алыппыз...» деп өзүбүздү жооткотсок болот чыгар...

## Балким биз ойлогондой эместир?!



Балким биз дүйнө базарынын негизги сырларын билбейтб чыгарбыз? Алар союз окутуп, биз элестетип алгандай «жапайы» эместир. Анын сыры тетирисинче, адамкерчилигинде. Оболу өзүңө каала, анан албетте башкаларга да деп тургансыйт. Өзүң баркына жетпеген нерсени кардарга да барктап суна албайсың.

## Ички туризм биз үчүн эмнеге маанилүү?

### 1. Өзүнүн ким экенин билүү (идентичность)

Заманбап кыргызстандыкмын дегендер Кыргызстанды билишпейт. Сурамжылоолор мекендештерибиздин Орусияга, Казакстанга, Түркияга көбүрөөк барышарын аныктаган. Бул көлдүктөр Баткен, Таласка дээрлик барбайт дегендик. Баткен менен Исфананын тургундарынын көбү Ысык-Көлгө барган эмес, Нарынды көрө элек дегендик. Жалпылап караганда, КРнын жашоочулары өз облусунан жана борборунан сырткаркы мекендешин чала-бучук гана билет.

Адатта, башка облустарды көрбөгөн адам аларды жомокко айландыра баштайт. Аларга өзү калыптап алган мүнөзүн тануулайт. Бара-бара алар медиада, саясат чөйрөсүндө ушак болуп тарайт. Бири-бирин жакшы таанybаган жашоочуларыбыз барган сайын алыстап «биз» жана «алар» деп бөлүнүшөт. Коом биримдигин жоготуп, жалпы «Биз» түшүнүгү борпоңдошуп, эл тозуп баштайт.

Ушундан улам, өз өлкөбүзгө бардык тарабынан көз чаптырсак, анда Кыргызстан эли өзүн бир бүтүндүк катары идентификация кылса эбегейсиз чоң күчкө ээ болот.

### 2. Эс тутум.

Элдин эс-тутумун биргелешип кайра калыптап чыксак, келечек жеңил да, ишеримдүү да болот. Кыргызстан чакан өлкө. Анын тарыхын кербен-сарайларды, жайлоо менен кыштоолорду, аскердик жортуулдарды бириктирген жолдор тепчип турат. Кыргыздардын тарыхын курамасынан ажыратып кароо мүмкүн эмес. Курманжан датка энебиздин тарыхынан Шабдан баатыр бабабыздыкы бөлүнбөйт. Бул бир эс тутум түрмөгү.



Мекенибизди кыдырып, анын бардык булуң-бурчун, эстеликтерин, чакан окуяларын эстейбиз. Биз ар түрдүү, көркөмдүккө бөлөнгөн куракты кайра бириктиребиз. Бул элибиздин эс тутумун, анын бардык сүрөт жана оюуларын жаңыртуу болот.

1995-жылкы Манастын 1000 жылдыгы эске түштү. Эмне үчүн ал тамырлап, биз үчүн маанилүү боло алган жок? Эмне үчүн тарыхий комплексти жарым жыл өтпөй баары унутуп, ал урай баштады? Ал эң биринчи кезекте сырттан келген коноктор үчүн курулгандыктандыр. Ооба, биз өзүбүз жөнүндө ааламга жар салышыбыз керек эле. Учурдагы «Көчмөндөр оюну» сыяктуу ал да сонун уламыш болчу. Бирок мындай аалам жарган маарекелер өз элибизге сиңсе гана сыртка өтүмдүү болот. Райондун деңгээлиндеги абройлуу инсандар тарыхый комплекстерди өзүбүзгө таануу үчүн күчтүү жөрөлгө экенин түшүнсө гана жалпы эл сезип, колдойт. Ошондо гана көк-бөрү тарткандар кымкуут сүрөөн ичинде атырылган аттарынын көбүгүн чачып омуроолошуп, чаң баскан эс-тутумубузду жаңыртып, бизди чоң казаттарга атказат.



### 3. Кайра жандануу

Кайра жандануу Европага таандык делет. Ал кезде адамдар өтмүшүн эстеп, аны эстелик, ыр, сүрөттөр менен сактап калганга умтулушкан. Бирок, алар бул маанилүү доор дайыма кала бербей турганын билген сыяктуу. Ал доор болбосо, улуу цивилизациялардын изи сууп кетмек. Биздин тарых да сүзүлүп-үзүлүп тургансыйт. Өлкөбүздүн тарыхий эстеликтери урап, жок болуу сапарында. Академиялык илимдин кейпи да ошондой. Бардык үмүт жер менен киндиктеш «мен адаммын» дегендин моюнунда.

Колдо бар алтындын баркын билүүгө кыргызстандыкка түрткү керек. Конок менен өзүң таанып баалаган нерсени гана бөлүшө аласың. Өз өлкөсүн кыдырган саякатчыга гана ички туризм камчыга сап болуп бере алат. Ал Кыргызстандын тургундарына өз Мекенин ачып берет.



Өткөн мартта Кыргызстан жарандарынын II форуму болуп өттү. Анда белгилүү археолог жана этнограф Бакыт Аманбаев Кыргызстандын байыркы шаарларынын урандылары жана эстеликтери менен тааныштырды. Сунум бардыгын жандандырды. Катышкандар өрөөнүндөгү, айылындагы коомчулук билбеген эстеликтер жөнүндө айта башташты. Нарындан келген аксакал Кочкордун жанындагы петроглифтерди, Аксылык эже аймактагы эстеликтерди эскеришти. Аларды билгендер аз, табылгалар уйпаланып жок болуп баратат.

### 4. Өз баркын билүү

Биз өзүбүздү тааныбайбыз. Жерибизде өмүр сүргөн шаар, цивилизация, улуу инсандар, алардын ачылыштары менен табылгалары бизге чоочун. Көп нерсени жоготтук, көбүн бизден жашырышты. Биз жөнүндө тарыхтын көбүн биз жазган эмеспиз. Болгону өткөндөрдүн добушу сымал ар бир үйдө сакталган, жанды жай алдырбаган окуяларыбыз калды. Аларды да барган сайын чаң басып баратат.

Өз баркыңды өтмүшүң менен баалайсың. Буга чейин боло келгендей, бизге эмнени эстеш керек экенин, эмнени унутуш зарыл экенин келгиндер айтпашы керек. Ал биздин баркыбызды биле албайт.

Ички туризм бизди өзүбүзгө, тарыхыбыз менен географиябызга кайтарат. Көңүлүбүз жай алып, чалкып толот.

### 5. Тынчтык кепили

Жамааттык аң-сезим менен сыдырылган өтмүшүбүз бизге бир нече артыкчылык берет. Ар түрдүүлүккө бай тарыхыбыз менен маданиятыбыз бизге толуктук, бүтүндүк сезимин берет. Ал сабырдуулукка, толеранттулукка үйрөтөт. Биз курак төшөк сымал ар бир жип, жик жана түстү бириктиребиз.



Кыргызстандын бардык жеринен «Ак дасторкон», «Ак жол», «Ак босого» каалоо-тилегин угасың. Бул каймана мааниде айтылган тынчтык жана бейпилдик батасы.

Биз Өзгөндөн чыкканда нарындык кесиптешибиз күрүч талаасынын боюна токтойлу деп суранды. Күрүчтү чанап аткандарды бир чай кайнам карап отуруп: «Ой тобоо, дааа...», – деп улутунуп кайра отурду. Анан барган жерде көргөнүн айтып жүрдү. «Бизде бардыгы палоону жактырат, бирок эч ким анын кандай түйшүк талап кыларын билбейт! Тизеге чейин сууда, үч бүктөлүп алып ишешет экен. Же отура да албайсың...», – деп башын чайкайт. «Ой тобоо, дааа»...

Түрдүүлүктөгү, түйшүктөгү рахатты баалоо бизди бириктирип келет. Ал бизди бир бүтүн дүйнө кылат.



### 6. Өнүгүүнүн башаты

Биз жаратылышыбыз менен мактанганды жакшы көрөбүз. Ооба, ал мактоого татыктуу. Бирок ал жалгыз гана баалуулук эмес. Адамдар, технологиялар, аракеттерчи?!

Кыжырына тийбесең адамдар ар түрдүү, көп учурда кең пейил жана сабырдуу. 1/5и ырыскысын бөтөн жерден издеген адамдар. Күчтүү, жаш. Ата-энелер, алардын орун басарлары. Аларга телегейин тегиз кылган жумуш керек. Бактыбыз бөтөн жерде гана ачылабы?

Ички туризм, айрыкча, орто жана чакан ишкана үчүн жакшы бизнес. Тарыхий эстеликтердин айланасына жол, унаа турактарын куруу, мейманкана жана башка кызматтарды сунса болот. Биздикилер, анын ичинде чет өлкөгө чыгып кеткендер тапкан-ташыганын өзүнүн кичи мекенинде иштеткиси келет. Ички туризм сырттан келген жана өзүбүздө болгон капиталга уютку болуп бере алат. Кыргызстанда бир убакта эле мезгилдердин курагы бар. Жайкысын бийик тоолордо лыжа жана сноуборд тепсең да, көл жээгинде күнгө күйсөң да болот.

Ички туризм закымдарыбызды кеңейтип, кичине көрүнгөн мекенибизде чоң ачылыштарга чыйыр салат. Бул көнүмүш болгон мөңгүлөргө, же талаадагы балбалга башкача кароо менен эле ишке ашат. Айланага «соо көз менен кароо», көргөнүңдү барктап, берекесин арттыруу, аларды сактап, алар менен сыймыктанууга жеткирет.

Курбум жылыга Малайзияга барат. «Ал жакта шумдук балыктар бар, тим эле таманыңды тазалайт» дейт. Ал балыктар бизде деле бар. Болгону көрсөтпөсөң, көрүнбөйт да.

### 7. Сократтын «Өзүңдү таанысаң, ааламды табасың», – дегени бар

Байыркы грек акылманынын бул сөзүн ар ким ар кандай жоруп жүрөт. Албетте анын сөзү «мен инсанмын» дегендин баарына таандык. Өнүгүү жана бакубаттуулукка жетем деген ар бир адамга жакын. Биз ачылыштарды өзүбүздөн баштасак, бөтөндү, анын көп кырдуулугун баалай алабыз.

Кааласак, каалабасак да биз сыртка туулган жерибизден кадам таштайбыз. Биз өз мекенибизде калыптанган салыштыруу жана жаңылыкка умтулган сезимдер менен дүйнөнү тааныйбыз. Ошондуктан өз жайытыбызга кайтабыз. Чоочундуктан тажаган көз менен өз жерибизди, мекенибизди, элибизди кайра тааныйбыз.

«Менин балалыгым: Суусамыр жайлоосу, Төө-Ашуу белестери, эрмендин, тердеген аттын жыты. Кайда барбасам бул жыттар менен элестер ээрчип жүрөт. Алар мага күч берип, тушоомду кести. Мен Жеримдин берекеси менен гана калыптандым, дүйнө кездим. Адамдар мени кабыл алып, түшүнүштү».

ЖАРКЫНАЙ КУВАТ

# Мөөлүттө ар жылы ар башка темага көңүл бөлүнсө

Мындан 14 кылымча илгери, жадыраган жаздын күндөрү адамзаттын улуу жол башчысы – Мухаммад алейхиссалам жарык дүйнөгө келген. Ошондон тартып адамзат тарыхы жаңы нукка бурулуп, жаңы доорду жашап келет. Ушундан улам улуу аалым Чубак ажы Жалилов менен Пайгамбарыбыз Мухаммад (с.а.в.) тууралуу аңгемелешүүнү туура көрдүк

**– Пайгамбарыбыз тууралуу биринчи жолу кайсыл жерден, кимден уктуңуз эле? Бул сизге кандай таасир берди?**

– Пайгамбарыбыз алайхис саламдын берекелүү ысымын ыраматылык чоң энем Уруяткан келимени мага айттырган учурда, айылда, Бай-Мундузда укканмын. Кереметтүү, ары сыйкырдуу сөз айткандай элес калтырган. Келимени кайталап айткандан кийин өзүмдү каадалуу киши сезип, келме айта албаган башка балдардан өзүмдү бөлөкчө сезип жүргөнүм бар.

Ал эми пайгамбарыбыз алайхис салам тууралуу алгачкы уккан учурум эсимде жок. Ал улуу зат өмүр бою менин жашоомдо келе жаткандай эле туюлат.

**– Пайгамбарыбыздын өзүнүн бала чагына жана балдары менен неберелерине тиешелүү окуялардын кайсыларын Сиз өз балдарыңыздан байкоодосуз?**

– Намаз окуганда балдарымдын бардыгы эле кичине чактарында менин үстүмө минип намаз окуганын эстеймин. Пайгамбарыбыз алайхис саламдын неберелери да үстүнө намаз окуган учурунда минип алганы, ал бала качан түшмөйүнчө, сежделен баш көтөрбөгөндүгү айтылат кабарларда.

**– Пайгамбарыбыздын кыйынчылыктарга жана жоготууларга сабыр кылганы тууралуу баяндап берсеңиз.**

– Пайгамбарчылыктын онунчу жылы тарыхта кайгы жылы деген наам менен белгилүү. Анткени бул жылы Пайгамбарыбызды багып чоңойткон абасы Абу Талиб жана андан 3 күн өтпөй, ошол убактагы жападан-жалгыз жубайы Хадижа энекебиз көз жумган. Колдоо көрсөткөн абасы өлдү деп, Курайш каапырлары көрбөгөндү көрсөтүшкөн. Ар кандай азаптарга дуушар кылышкан. Пайгамбарыбыз алайхис салам ушул азаптарга карабай, ошол эле мезгилде Таиф шаарына хижрат-дааватка барган. Динди күчтөндүрүү максатында Таиф элинен көмөк күткөн болчу.

Айта турган сөз: кандай гана акыбалда болсок да, негизги милдетибиз динибизге мээнет кылуу экенин эстен чыгарбасак. Динге кызмат кылуу жашоонун өзөгү катары каралганда гана адамзаттын жашоосуна бактылуулук келет.

**– Пайгамбарыбыз азыркы кезге чейин бүт дүйнөгө таасир берген мамлекет түптөгөндүгүн жакшы билебиз. Азыркы мамлекет башчыларда Алланын Элчисине таандык кайсыл сыпаттар болсо деп тилейсиз?**

– Адилеттүүлүк жана калыстык. Туугандуу бийде ыйман жок, ыймандуу бийде тууган жок деген кеп да эми бул сөз. Ала койду бөлө кырккан жүнгө жарыбайт деген маани да бар.

**– Пайгамбарыбыз түшүңүзгө кирди беле? Улуу Жетекчибизге канткенде жолуксак болот?**

– Ал менин аруу тилегим. Ачка тооктун түшүнө таруу кирет деген накыл кеп сиздин суроонун жообу.

**– Жакында Пайгамбарыбыздын туулган айы келе жатат. Бул боюнча атайын иш-чаралар да уюштурулууда. Сиздин көңүлүңүзгө кандай иш-чаралар жакын?**

– Музыка коштобогон, эркек-аялдар аралашпаган иш чаралар болсо деймин. Жыл сайын жалпы Мөөлүт өткөрө бербей, ар жылы кайсы бир темага көңүл бөлүнсө дейт элем. Мисалы: бир жылы Пайгамбарыбыз алайхис саламдын урпактары, перзенттери тууралуу болсо, кийинки жылы аялдары тууралуу, андан кийинки жылы кийим кечеси тууралуу, айтор, ошентип кете берсе жалпы жумурай журтту толук кандуу дебесек да, жакшы маалыматтар менен камсыз кылган болор элек. Ушул боюнча конференциялар өтсө, талкуулар болсо, конкурстар жарыяланса жана алардын жыйынтыгы китеп болуп чыкса дейт элем.

**– Пайгамбарыбыздын адаттарынын кайсыларын жеке жашооңузда, үй-бүлөңүздө жана коомдук турмушуңузда жакшы тирилтип кеттим деп айта аласыз?**

– Ар бир үйдө казан-аяк кагышпай койбойт. Ошол учурлардын бардыгында Пайгамбарыбыз алайхис саламдын жубайларына жасаган мамилесин эстейм жана кынтыксыз амал кылганга аракеттенем. Андан сырткары, жеке мени адам катары капа кылган инсандарга дээрлик таптакыр капа болбойм. Анткени пайгамбарыбыз алайхис салам да ушундай учурларда такыр капа болгон эмес. Оң кол менен тамак жегенди, оң буттан баштап бут кийим кийгенди адатка айландыргам деп ойлоймун. Үй ишине колумдан келген учурларда жардам берем. Негизгиси, Кудай жолунда айта турган акыйкат сөздү, канчалык жаман жыйынтык чыгарын билип турсам да айткандан калган эмесмин.

**– Жашооңузда китептин орду канчалык жана өзгөчө кызыгып окуган китептериңиз кайсыл болду?**

– Китеп окуу мен үчүн намаз сыяктуу парз ибаадаттардан кийинки эле ибаадат. Кудайга жакындоом китеп аркылуу деп айтсам да болот. Коомдогу түшүнбөстүк, түркөйлүк, мококтук сыяктуулардын бардыгынан тажаганда китепке кирип кетем. Ал мени алтын коомго, асыл адамдарга жетелейт. Менин китеп аркылуу дос болгон адамым Мулла Алий каары. Мындан 400 жыл мурдараак өтүп кеткенине карабай, мен аны досумдай сезе берем. Аны менен кадимкидей сүйлөшөм. Анын китептериндеги кээ бир жерлерине сын айтып койсом бир аз чычалап да кетет.

**– Сиздин оюңузча, биз адамдар азыркы учурда өзгөчө эмнеден аксайбыз?**

– Жасалма жашоо күтүү биздин эң чоң проблемабыз...

**– Кээде өзүңүздүн кылган ишиңизге, адамдарга кылган мамилеңизге өкүнүп, айтпай эле койсом болмок деп калган учуруңуз болобу?**

– Мен деле пендемин. Мен өзүмдү кичипейил адам катарында сезем. Бирок, кээде сенин кичипейилдигиңди башка адамдар мажүрөөлүк, алсыздык катары сезип алышат. Алар үстөмдүк жасоого аракеттенишет. Ошол аркылуу динге да үстөмдүк кылууну ойлошот.

А кээ бирлер, жеке жашоо бар экенин уруп да ойношпойт. Алар жеке проблемасын чечүү үчүн бардык жолдорго барышат. Үйгө чейин чакыртпай кирип келишет. Көз алдында жубайлар бири-бири менен жаман-жакшы айтышышат.

А кээ бирлер телефонго жооп бербесем, өтө уят сөздөр менен СМС жазып жиберишет. Ал учурда мен түз эфирде, же сабакта олтурган болом.

Жогорудагыдай учурларда катуу айтып алган учурлар кездешет. Бирок ар дайым өкүнүп калам. Өкүнбөгөн учурларым боло элек. Көбүнчө кайра чалып кечирим сураган учурларым болот.



# Кокондон айтам саламды, кыргыз эли аманбы?

Кыргызстанда Кокон хандыгына кулчулук кылуу канына сиңип калган тайпа бар. Өзбекстан менен акыркы тирешүүлөрдө «Ташкентке кулдук уруп баруу керек» дегендер чекеден чыкты. Дүйнө саясаты күндеминен чийип салган диктаторлор эртели кеч кетет. Дүйнөдөгү академиялык-геополитикалык илим Ислам Каримов жөнүндө...



## Элин Союздан да жаман эзген Каримов

Пахта Өзбекстан экспортунун 45%ын түзөт. Ошондуктан ал өлкөнүн эң маанилүү айыл-чарба өндүрүмү. Бул абал 1991-жылы Советтер Союзу урап, Өзбекстан көз-карандысыздыкка жеткенден бери сакталып келет. Коммунисттик режим доорунда өлкөнүн айыл жерлери мамлекеттин карамагындагы 2048 чарбага таандык болчу. 1991-жылдан кийин бул чарбалар жоюлуп, жерлер кайра бөлүштүрүлгөн. Бирок бул кожолуктар эч кимдин колун карабай, өз алдынча иштеп кетет дегендик эмес эле. Себеби биринчи жана азыркы президенти Ислам Каримовдун өкмөтү үчүн пахта өтө маанилүү болчу. Ошондуктан элет эли эмне себери жана анын канчасын сата алары тууралуу көрсөтмөлөр берилген. Пахта өтө баалуу экспорттук өндүрүм болгондуктан, аны өстүргөндөр дүйнөлүк баанын кичине үлүшүн гана алып, калганын өкмөт тартып алып келет. Эсеп-кысапты жакшы билген өзбек эли мындай баадагы пахтаны өстүрмөк эмес. Ошондуктан өкмөт пахтаны мажбурлап септирет. Ар бир кожолук жеринин 35%на пахта эгиши керек. Мындай тартип карапайым дыйкандар үчүн ыңгайсыз эле. Айрыкча, техника жагынан мүчүлүштүктөр көп. Эгемендикке чейин пахтанын 40%ын комбайн жыйначу. А Каримов болсо фермерлер үчүн жаңы комбайн алганга, же бузулганын оңдогонго кызыкдар эмес.

## Комбайндан пайдалуу өспүрүмдөр

Каримов үчүн мектеп окуучулары жаңы комбайндан кыйла арзан чечим болду. Пахта бүрүнүн жетилүүсү дал окуучулар жайкы каникулдан кайткан сентябрь айына туш келет. Президент пахта чогултууга мектеп окуучуларын чыгаруу үчүн жергиликтүү бийликке уруксат берген. Ошентип сентябрь башталары менен эки миллион жети жүз миң окуучу (2006-жылкы маалымат) талаага чыгып, мектептер бош калат. Эки баласы окуудан пахта талаасына кеткен Гүлназ: «Ата-энеден эч ким эч нерсе сурабайт. Аларды пахта маалында дем алышсыз иштетишет. Бала кандайдыр бир себептен улам үйдө калса, класс жетекчиси келип ата-энени тилдейт. Ар бир балага жаш курагына жараша, күнүнө 20дан 60 киллограмга чейин пахта чогултуу моюнуна жүктөлөт. Эгер бала нормасын аткара албай калса, классынын алдына чыгарылып, жекирилет. Тил угат, – дейт. Пахта өнөктүгү эки айга созулат. Талаа жакын болсо айылдын баласы кечкисин үйдө жатат. Шаарлык балдар малканада же техника оңдогон жайларда түнөйт.

Жаш балдарды жана калкты мажбурлап иштеткендиги үчүн өзбек пахтасынан баш тарткан белгилүү бренддер:
- H&M,
- TESCO,
- Target,
- Walmart,
- C&A,
- Marks and Spencer,
- Ikea

Пахтанын пайдасы Каримов баш болгон саясий элитанын чөнтөгүнө гана түшөт. Чындап келгенде, Ислам Абдуганиевич бардык өзбек пахтасынын чыныгы кожоюну. Балдарга иштеген ишине жараша акча төлөнөт дегени менен бул болбогон эле кеп. 2006-жылы пахта килинин дүйнөлүк баасы 1,4 доллар болсо, балдарга күнүмдүк нормасы үчүн (20–60 кг) 0,03 доллар төлөнгөн. Жазда да пахта майданы үчүн окуучуларга мектептин эшиги жабылат. Аларды талааны чанап, тазалап, пахта эгүүгө айдашат. Учурда пахтанын 75%ын өспүрүмдөр жыйнайт.

## Өзбекстандын кан-жинин чыгарган Каримов

Башка Советтик Социалисттик Республикалардай эле Өзбекстан Союз тараганда базар экономикасына негизделген демократиялык мамлекет курам деп шымаланган. Бирок кайра эле ошол эски союздаштарындай Союздун авторитардык арыгына түшүп алды. СССРдин компартиясында тажрыйба топтогон Каримов өтө ыңгайлуу маалда Өзбекстандын биринчи секретарлыгын алды. Берлин дубалы кулаган 1989-жылы бийликке келген Ислам мырза интернационалисттиктен кайтып бир заматта улутчул болуп чыга келди. 1991-жылы өзбек кызматарынын жардамы менен өлкөсүндөгү биричи президенттик шайлоолорун утуп чыкты. Бийликке келери менен көз карандысыз атаандаштарынын белин сындырды. Азыр аны менен каяша айтышкандардын бир бөлүгү абакта, экинчи бөлүгү чет өлкөлөрдө. Өзбекстанда көз карандысыз Жалпыга маалымдоо каражаты жок жана бейөкмөт уюмдардын бардык түрүнө тыюу салынган. Элдин кыжыры 2005-жылы Анжиянда жарылып, 750дөн ашык адамды полиция менен аскерлер атып салган.

## Атаандашы да добуш берген лидер

Биринчи шайлоодон кийин Каримов мандатын референдум аркылуу 5 жылга узарткан. 2000-жылы жети жылга узарган президенттик мөөнөткө ат салышкан Ислам Абдуганиевич 91,2% добуш алган. Бул шайлоодогу анын жападан-жалгыз атаандашы Каримовго добуш бергенин жар салган. Андан кийинки эки жолку ажолук аламан байгеде да 90%дан көп добуш алып келди.

Каримовдун шайлоолору Советтер Союзу гүлдөп турган доорду эске салат. «The New York Times» гезитинин кабарчысы Дэнни Гаролд 1937-жылы Советтер Союзунун лидеринин шайлоосун сүрөттөгөн «Правда» гезитинин материалын чыгарган: «Кремль коңгуроосу түн жарымын сокту. Бүгүн СССРдин Жогорку Кеңешинин жалпы, тең укуктуу жана түз шайлоосу болуп өткөн күн – 12-декабрь. Бир аздан соң жыйынтык билинет. Бөлмөдө комиссия гана калды. Баары жайында, чырактар майрамдык маанайда жаркырайт. Бардыгы толкундоо жана чыңалуу ортомунда. Төрага керектүү иш-чараларды аткарууда. Тизмени катышкандар менен салыштырып чыкты. Канчасы добуш берди экен? Натыйжа 100%. Жүз пайыз! Кайсыл мамлекеттин кайсыл шайлоосуна, кайсыл кандидатка жүз пайыз эл келип берет? Эми негизги иш башталды. Төрага толкунданып мөөрлөрдү бир сыйра текшерди. Андан кийин аларды комиссия мүчөлөрү карап чыкты. Мөөрлөр соо. Эми аларды кесип чыгышты. Сандыктар ачылды. Баары жайдары. Шайлоону көзөмөлдөгөндөр менен өткөргөндөр кыраакы жана олуттуу. Эми конверттерди ачуу убактысы келди. Комиссиянын үч мүчөсү кайчыларды алышты. Төрага турду. Комиссиянын калган мүчөлөрү дептерлерин толтурганга даяр. Биринчи конверт кесилди. Баары аны карап калышты. Төрагасы – Союздун Кеңешине жана көгүлтүрү – Улуттар Кеңешине делген эки бүлетен сууруп чыгып, бийик жана даана үн менен «Жолдош Сталин!» деп окуду. Дароо олуттуулук жок болду. Бөлмөдөгүлөрдүн баары секирип туруп, сталиндик Конституциясына ылайык өткөрүлгөн жалпы жана жашыруун добуш берүүнүн биринчи бүлетенине токтобостон кубанычтуу кол чаап башташты. Конституциянын жаратуучусуна кол чаап жатышты!». Мындай кубанычтуу абал Сталиндин саясий көзөмөл жана куугунтуктоо сабактарын жакшы өздөштүргөн Каримовдун шайлоолоруна да мүнөздүү. Анын шайлоосу да чыныгы демократиялык шайлоолор менен коошпогондугу жагынан Сталиндики менен үзөңгүлөш болуп келет.

Өзбекстандын пахта талааларында мажбурлоо менен иштетилген калктын катмарлары:
- окуучулар;
- студенттер;
- мугалимдер;
- артисттер жана актерлор;
- бюджетке көз каранды бардык тайпалар;
- сойкулар.

Америкалык профессорлор Дарон Ажемоглу жана Джеймс А. Робинсондун «Эмне үчүн кай бир мамлекеттер бай, кай бири жарды?» китебинен которулду,

## Бир ууч арам кекиртектер жыргаган өлкө

Каримовдун Өзбекстаны кыңк этпес кул жумшаган, тарыхтын качанкы чаңына көмүлгөн мамлекеттер сыяктуу. Элинин 1/3и жакырчылыкта жашайт. Өзбектердин жылдык орточо киреси 1000$дын тегерегинде. Калкынын көбү пахта жыйнаганы үчүн күнүнө бир нече цент алса, мурунку коммунисттик төбөлдөрдөн турган Каримовдун үй-бүлөсү менен жакындарынын байлыгынын эсеби жок. Бул манчыркаткан байлык карандай эле зомбулук менен жыйналып, баарынан коркунучтуусу мектеп окуучуларынын күчүнө негизделген.

Биздин Кыргызстандын да ушундай аянычтуу абалга түшүп калуусу толук ыктымал. Карапайым элдин караңгылыгынан жана жардылыгынан пайдаланып, добушун сатып алган саясатчылар бар кезде бийликти баюу мүмкүнчүлүгү катары карап, эл акысын тартынбай аймаганга даяр саясатчылар жок болмоюн Коконго кошоматчы, бузукуга шыкакчылар пайда боло берет.

ЖАНСАКТА САРБАШОВ

# Таз күйөө



Бир чалдын эки аялы болуптур. Байбичеси өзү теңдүү картаңыраак, токолу болсо керилген келинчек кези. Ушундан улам улуу аялы күйөөсүн ар дайым кадыресе салабаттуу, улгайыңкы көрүнсө деп тилечү. Ал эми жаш токолу болсо абышкасынын жашынан уялып: "Байым өзүм менен эле тең көрүнсө экен" дечү эле.

Бара-бара байбиче жароокер жандан беш-бетер абышкасы бош отура калганда башын укалап отуруп мүмкүнчүлүктөн пайдаланып, тезирээк ак чач болуп калса экен деп чачынын караларын термей адат тапты. Жаман оюнда абышкасы тезирээк ак чач тартып, жаш күнүлөшүн көңүлүн суутуш. Өмүр бою экөөнүн терип-тепчигенине кайдагы бир түйдөк баш салпаякты ортоктош кылбоо. "Ийлеп-ийлеп итке салып беремби ушуга", – деп өзүнчө күйгүлтүккө түшө калмайы да бар. Байкуш көрөр көз токолу болсо абышка байбичеңикинен келери менен отургуза калып ак чачтарын терип, картаң кишини жашартуунун алекетинде. Ошентип жүрүп эки аялдын чексиз камкордугу тез эле натыйжасын берди. Алиги киши көп узабай эле жалтыраган тазга айланып, кулпуруп чыга келди.



# Көз айнек

Самак көз айнек сатып алайын деп, атайы көз айнек саткан дүкөнгө келди. Жайнап тизилип турган немелердин улам бирин тагынып көрүп, өзү көтөрө келген китепти оң-тетирисинен кармап шыкаалап коёт. Ошентип баарын көзүнө чактап жүрүп, бирөөнү дагы жактырбай койду. Мунун кылык-жоругун байкап отурган сатуучу акырында чыдабай кетти окшойт:

– Байке, сиз жок дегенде окуганды билесизби?, – деп акшыя карады.

– Мындайынан да окуп көрдүм, тигиндейинен да окуп көрдүм. Сенин көз айнектериң дегеле китеп окуганга жарагыдай эмес, – деди Самак да ырайын бузуп.

# Калыстык

Бечаранын жалгыз кою бар эле. Маңдайында жашаган байдын көпкөн баласы кыларга иш таппай, арыктын жээгинде жалгыз коюн откоруп турган кембагалдын баласын көздөй өзүнө окшоп байлоодо туруп кутуруп калган итин айдактады. Байкуш бала култуйгөн иттин атырылып келатканын көрөрү менен коюн таштай салып үйүнө кире качканга үлгүрдү. Ал эми аркандалып турган койду ит алеки заматта жара тартты. Ошол замат кайраттуу кедей байдын каалгасын кагып:

– Кутурган кошунам, жалгыз коюмду итиңе алдырып, балаң түбүнө жеткен экен. Баламды жарып салса эмне болот эле. Короондогу коюңан бирди мага тандап берип, муну өзүңө ал, – деди.

– Ой, сен эмне деп келжиреп жатасың? Сенин арам өлгөн коюңдун мага эмне кереги бар?! Өзүңөр жакшы карабайт белеңер, – деп уялгандын ордуна кайра наадандап, кошунасын короодон түртүп чыгарды бай. Ачуусу келген кембагал таяна келген ыргай таягы менен жулунуп келе жаткан көпөстүн таза кандуу итин как тумшукка чаап үлгүрүп калды. Иттин жаны тумшугунда деген чын белем, таамай тийген соккудан эмеле жарчудай болуп турган ит мүрт кетти.

Мына ушул жерден чыр башталды. Итин өндүрөм деген бай кедейди сотко берди. Бактыга жараша сот Кудай деген калыс адам экен. Кедейге кайрылып


– Сенин итиң барбы? – деп сурады.

– Бар, бирок...

– Эмне бирок? – деп сот такып сурады.

Кедей сотко жакын басып келип, кулагына:

– Итим жаңы эле тууган, – деп шыбырады.




– Эң сонун. Баары жакшы болот, жараным, – деп жооткотуп койду да, адамгерчилик дегенди унутуп, байлыгына ишенип турган байга карап:

– Эй, жараным, сен бул адамга бир кой бересиң. Сенин алаcаңды болсо мунукунан кийин өндүрөбүз, – деп бекем сүйлөп өкүм чыгарды. Ошону менен сот да бүттү. Соттун буйругун аткарган дүнүйөкор сотко кайра келип:

– Мен ага козу бердим. Козу деле кой болот да туурабы, адилетүү сотум, – деп өзүнүн тапкычтыгына сүйүнүп кетти.

– Ооба, байым. Козу чоңойсо кой болот, күчүк чоңойсо керилген дөбөт болот, – деди да али көзү ачыла элек кандектин күчүгүн наадандын колуна карматты.

# Карга кимдин пайдасына карк этти



Үч жоолоочу мүрзөнүн түбүнөн өтүп бара жатышкан. Ушул учурда булардын үстүнөн учуп бара жаткан карга "карк" деп үн чыгарып калды.

– Карга менин пайдама карк этти окшойт, – деди биринчи жолоочу.

– Жок, сага эмес. Менин жолум болот окшойт бүгүн, – деп экинчи жолоочу тигинин сөзүн кесе сүйлөдү.

– Силер эмне деп келжиреп жатасыңар. Карга так эле менин үстүмөн учуп баратып, чексиз байлыкка менин гана карк болорума белги берип өттү, – деп үчүнчүсү да кошула кетти.

Ошону менен ырымчыл немелер кызыл чеке болуп кырылып жатып калды. Кыргын-сүргүн болуп отуруп бири-бирин жеңе албаган соң, аксакалдар сотуна бармай болушту. Аксакалдар сотунун төрагасы булардын дооматтарын кылдат угуп туруп:

– Бир жумадан кийин келгиле! Маселеңер өтө татаал экен. Мен дагы бул боюнча мыйзамдын бир топ беренелерин карап чыгайын. Ошондон кийин гана карга кимдин пайдасына карк эткенин айтам, – деп тигилерди сылык-сыпаа узатып жиберди.

Чырлашкандар ошол замат эле өз ичтеринен сотту сатып алмай болуп, үй-үйлөрүнө таркап кетишти.

Биринчиси үйүнө жетип эле эки короздун башын жулуп, кыпкызыл кылып куйкалап, даамдуу кылып бышырып, соттун үйүн көздөй чуркады. Сот эки короз колуна тийгенде: "Этекке чаптырбаган ушундай азамат жигитсиң да", – деп мактап-жактап жолго салды. Экинчи жолоочу баглан козусун көтөрүп уруп, куйкалап бышырып кытмыр чалдын алдына тартты. "Адилеттүүлүктүн атасымын" деген кексе абышка мунун белегине чындап ыраазы болуп:

– Буюрса, маселени сенин пайдаңа чечемин, – деп шилекейин чубуртуп муну да үйүнө айдады. Ал эми соттун мекемесине жакын жашаган үчүнчү жолоочу мунун баарына астыртан көз салып гана тим болду. А берки сот болсо аны күтө берип чарчады. Акыры ал бүгүнкү олжо-буйласын бөктөрүнүп алып, тигинин үйүнүн жанынан өтүп баратып чыдабай заңкылдай кыйкырды:

– Сен эмне мага келген жоксуң? Берчү нерсең казандан чыкпай жатабы? – деди ал.

– Ой, байке, мен карганын кимдин пайдасына кыйкырганын билбедимби, – деп жооп кылды берки.

– Кана, билсең айтчы. Карга кимдин пайдасына карк этиптир?

– Олжолуу келатканыңызга караганда карга так эле сиздин эле пайдаңызга карк эткен экен, – деди үчүнчү жолоочу жымыя күлүп.

# Цыганды Юдахин сыган деп эле бериптир

Акыркы күндөрдө “Кыргыз алфавитине реформа керекпи?” деген темада КР Улуттук илимдер академиясынын (УИАнын) имаратында адис тилчилер, журналисттер, акын-жазуучулар, адабиятчылар, генералдар, жөн эле келгендер ж.б.у.с. “билермандар” катышкан жыйын өттү. Теле-радиодо да ушул маселенин айланасында бир катар берүүлөр болуп жатат. Гезитибиздин бул санында белгилүү тилчи-илимпоз Сыртпай Мусаев агайыбыз бул маселенин тегерегинде өзүнүн ойлору менен бөлүшмөкчү

**– Агай, бул маселе кайдан чыкты, ушуга кененирээк токтоло кетсеңиз.**

– Бул маселенин тарыхы өтө терең. Коомчулук жакшы билет, биз кыргыздар Советтер Союзунда жашаган башка элдер менен бирдикте алфавитибизди 13 жылдын ичинде 3 жолу алмаштырып, жазуу системабызга өтө чоң реформа жасаганбыз. Ачык айтып коюш керек, мындай реформаны биз өзүбүз жасаган эмеспиз, бизди жасаганга мажбур кылган. Балтика боюндагы 3 республика алфавитин алмаштырган эмес, латын графикасындагы алфавитинен кайтышкан эмес, кирилл графикасына негизделген алфавитке өткөн эмес, алар мажбурлоого көнбөй коюшкан. Армяндар да, грузиндер да өздөрүнүн традициялык жазуу системасынанбаш тартышкан эмес Ушул элдер бүгүн да өздөрүнүн улуттук алфавитин колдонушуп жазып келе жатышат. Өнүкпөй калышкан жок, дүйнөлүк маалыматтык технологиядан алыстап калган жок, экономикасы жылбай, маданияты өнүкпөй калган жок, Орусия менен мамилеси бузулган жок, кайра тетирисинче, бизге караганда Орусиянын Армения менен мамилеси өтө ысык, Евразия биримдигине бизден мурда кабыл алды го Орусия, ал Карабах маселесинде жана башка маселелерде да Арменияга аябай колдоо көрсөтүп келет го...



Сыртпай Мусаев

Биз, кыргыздар, байыркы мезгилдерде – VI кылымдарда жазылган Энисей жазмасын жараткан эл экендигибизди орус, немистин залкар окумуштуулары өзүбүз танганыбызга карабай эчак далилдеп коюшкан. Кийинчээрек ата-бабаларыбыз араб жазмасын пайдаланып келди. Муну да өзүбүз танганыбызга карабай жазылган тарыхый фактылар, окумуштуулар дагы бир ирээт далилдеп беришти. Революцияга чейин да, андан кийин да, Совет бийлигинин алгачкы жылдарында да араб алфавити колдонулуп, эл ичинен чыккан билимдүү, кат-сабаты ачылган “молдокелер” өз чыгармаларын жазып, аны көчүртүп, элге таратып, бала-бакыраларды окутуп келишкен, б.а. баардыгы болбосо да кыргыздар арасында жазганды, окуганды билгендер арбын эле болгон. Жазып-окуп келишкен. Араб алфавити менен элге ислам идеологиясы кошо келген. Бул – табигый нерсе. Анткени алфавит динди ээрчитет же дин алфавитти ээрчитет. 1928-жылдан тарта араб жазмасын таштатып, ислам идеологиясынан арылуу максаты көздөлүп, араб алфавити менен байланышкан таза лингвистикалык ыңгайсыздыктардан кутулууну көздөп, Советтер Союзундагы башка элдер менен бирге биз дагы латын графикасындагы алфавитке өттүк. 1939-жылдан баштап “бул алфавит СССР элдеринин тилинин фонетикалык системасына туура келбейт экен. Ал капиталисттик системада жашагандардын алфавити, андан калса, бул алфавит СССР элдеринин тилин орус тилинен ажыратып, бөлүп-жарып жатат. Орус тилин үйрөнүүгө тоскоол болуп жатат”, – деген сымал суу кечпес “далилдер” аркылуу орус алфавитине өткөзүү демилгелери көтөрүлдү. Бул Советтер Союзунда жашаган элдерди орусташтыруунун алгачкы, бирок өтө таасирдүү жолу эле. Анткени алфавит менен кошо идеология келет. Коммунисттик идеологиянын, албетте, жакшы жактары көп болду, аны тануууга мүмкүн эмес. Бирок мунун түпкү максаты улуттук өзгөчөлүктөрдү жоюу, “улуу орус элинин” (великий русский народ) ролун көтөрүү, аны башкаларга “улуу агасы” (старший брат) катары таанытуу, улутту, улуттук тилдерди жоюу (1929-жылкы эл каттоодо СССРде 194 улут бар деп катталса, 1979-жылкы эл каттоодо 101 улут бар делип, 50 жыл ичинде 93 улут жоголуп кеткен, б.а. өздөрүн оруспуз деп калышкан. Муну орусташтыруу дейбизби же башкача да атоого болобу), ушундан кийин психологиялык, социалдык, саясий кыртыш даярдап туруп бир гана “совет эли” деген улутсуз жасалма элди калыптандыруу болгон. Кийинки кадамда “совет эли” деген бир эл бир гана тилде сүйлөш керек, ал тил орус тили болуш керек деген логика чыгып жатпайбы. Ушундай стратегиялык саясаттын алыс ыргытылган чалмасы СССРдеги элдердин алфавитин орус алфавити менен алмаштырып жатпайбы. 1940-жылы баарыбызды орус алфавитине өткөрүп жатпайбы. “Сокмогуң күчтүү болсо, кийиз казык да жерге кирет”, – деген ушул. Советтик идеологиянын, алыс ташталган стратегиялык саясаттын алдында эч ким туруштук бере алган эмес. Ошондуктан тилдер бири-биринен кескин айырмаланган типологияда экендигине, орус алфавити башка тилдердин фонетикалык системасына туура келбестигине карабай, орус тилинин алфавитинде өзүнөн башка эч бир тилге мүнөздүү эмес тамгалар бар экендигине, өтө шарттуу алфавит экендигине карабай туруп гана эч өзгөртүүсүз кабыл алып алганбыз. Ошонун азабын, мына 76 жылдан бери кыргыз тили тартып келет.

Мурда СССРдин курамында “старший братка” ини элек, алар бизге ушундай мамиле кылчу, биздин элдин салты боюнча агаңа өйдө карабайсың. Унчукпадык, унчуксаң эле “улутчул” аталып азабыңды жемексиң. Анткени биздин республиканын биринчи жетекчиси баш, калганы төш болуп “великий русский народ”, “великий русский язык – второй родной язык”, “советский народ”, “националисты”, “интернациолализм” деп салмактуу сөздөрдү айтып, тилин тишине беш маал жанып турбадыбы. Ушундай шартта кантип оруска, орус тилине, орус тилинин алфавитине бирдеме деп шамыян кайтарасың... 1984-85-жылдардагы кайра куруу, айкындык, ачык айтуу, көп пикирдүүлүк саясаты бизди да кичине копшолтуп, алфавитибиздеги, орфографиябыздагы айрым бир так эместиктер жөнүндө ой-пикир айтууга мүмкүнчүлүк берди. Анткени орус графикасына негизделген алфавитибиз кыргыз тилинин эркин, өз күүсүндө, өз ыргагында, өз закон ченеминде өнүгүшүнө терс таасирин тийгизип келгени жөнүндө башкаларды жөн эле коёлу, Аалы Токомбаев, Түгөлбай Сыдыкбеков, Чыңгыз Айтматов сыяктуу залкарлар, башка акын-жазуучулар, окумуштуулар, журналисттер, маданий, коомдук ишмерлер, мектеп мугалимдери, кыскасы, коомчулуктун баардык катмарынын өкүлдөрү айтып да, жазып да келишти. Ушундан кийин кийинчерээк латын графикасына негизделген алфавитке өтөбүз деп саясий жетекчилик да ыргылжың макул болуп, биз 1996-97-жылдары долбоор даярдап, орфографиясын да иштеп чыкканбыз. Бирок жетекчиликтин саясий эркинин жоктугунан, суверендүү эгемен өлкө катары декларация кабыл алсак дагы Орусияга кылчактап, андан коркуп, маселе чечилбеген бойдон кала берген. Алфавит – бул саясий маселе, саясий чечим керек. 1940-жылы СССР элдерин орус алфавитине өткөзүп жатканда Стакең эч кимден сураган да, кеңешкен да эмес. Саясий чечим кабыл алып койгон. Бир жылда өтүп кеткенбиз. Бул маселенин тарыхы терең дегеним – ушу.



Бүгүн да алфавитти реформалоо зарылбы деген маселенин көтөрүлүп жатышы ушундай тарыхый жагдай менен шартталган. Бул маселенин мезгил-мезгили менен байма-бай көтөрүлүп жатышынын өзү эле орус графикасындагы кыргыз тилинин алфавитинде чоң-чоң проблемалар бар экендигин тастыктап турганын көрсөтөт го. Демек, бүгүнкү орусташкан алфавитибиз, мен биздин алфавитти шарттуу түрдө эле кыргыз алфавити, а чындыгында, орус-кыргыз тилдеринин алфавити деп атайм, орус-кыргыз сөздүгү дегендей эле кеп, кыргыз тилинин өзүнүн фонетикалык системасына, өз илебине, өз күүсүнө, өз мыйзамына ылайык эркин өнүгүүсүнө багытталган, эң негизгиси, кыргыз тилинин жоголбой, жоюлуп кетпей сакталып калышына камкөрүлгөн реформага өтө муктаж, реформа ушул багытта жүргүзүлүшү керек.

**– Агай, маселенин тарыхын кенен баяндадыңыз, бүгүнкү алфавитке реформа зарыл экен. Ал эмнеден башталып, эмне менен бүтүш керек. Реформа дегенде эмнени түшүнөбүз?**

– Реформа деген түшүнүк “өзгөртүү”, “кайра түзүү”, “оңдоо”, “жакшыртуу” деген өңдүү маанилерди билдирет. Кантип өзгөртсө, кайра түзсө, оңдосо, жакшыртса болот. Ашыгын алып салып, жетпегенин кошуп, жогун таап, кемчилигин жоюп оңдосо, жакшыртса, өзгөртсө, кайра түзсө болот. Эми ушуну алфавитибизге алып келсек, анда төмөнкү жагдайларга өзгөчө көңүл буруууга туура келет. Бүгүнкү кыргыз тилинин алфавити деп биз колдонуп жүргөн алфавитибиз – орус тилинин 33 тамгадан турган алфавити, туурабы, демек, орус тилинин жазуусун чыпчыргасын коротпой кыргыз тилине көчүрдүк, андагы орус тилине гана мүнөздүү баардык шарттуулуктардын баарын кабыл алдык. Албаска чаркчамабыз жок болчу. Өйдөдө айттым го, алыска ыргытылган саясий стратегиялык максат бар эле да. Баардыгы ушул максатка багындырылган. Ошондуктан орус тилинин алфавити эч өзгөртүүсүз таңууланды. Муну мен айтсам, кыргызча айтсам ишенбейсиңер, кыргыздын айрымдарына орусча айтсаң же орус айтса гана ишенет. Ошондуктан Москвада СССР илимдер академиясынын Тил илими институтунда (Институт Языкознания) иштеген чоң окумуштуу-түрколог, алфавит боюнча, түрк тилдери боюнча адис Н.А.Баскаковдун 1972-жылы эле жазган эмгектерине кичине шилтеме берейин. Маанисин өзгөртпөстүн амалында ал кандай орусча жазса, так ошондой орусча келтирейин, кыргыздар ишенсин, орустун айткан сөзүн орусча берейин: “...считалась необходимым принять русский алфавит со всеми его условностями для того, чтобы облегчить детям изучение второго – русского языка, и особенно его письменности. Однако ни в одном из современных тюрских алфавитов не были учтены все условности русского алфавита, тесно связанные с условностями русской орфографии. Совершенно излишними для тюркских языков окажутся, прежде всего буквы я, ё, ю, е (э) которые в русском алфавите используются для передачи, во – первых, соответствующих сочетаний йа, йо, йу, йэ, а во-вторых, палатализации предшествующего согласного, сочетающегося с гласными а, о, у, э.

Излищними являются также для всех современных тюрских литературных языков, принявших русский алфавит, такие знаки, как щ, ц, ь без которых тюрские языки могут обойтись, если будут приняты особые правила орфографирования заимствованных слов, имеющих эти звуки...

Из этого следует общий вывод о необходимости изьятия из алфавитов указанных букв” (Н.А.Баскаков. Вопросы совершенствования алфавитов тюрских языков СССР, “Наука”, М.1972)

*(Уландысы бар)*

# Миллиарддык футбол

Кытай Орусиянын колунан келбей жаткан нерсени кылат. Ал капиталисттик ыкмалар менен киреше берген спорт оюндарынын индустриясын куруп чыгат. Андан кийин спорттук таймаштар коомго таасир берет. Кытайдын өсүп келе жаткан орто байларын жыргаткан, өкмөт оңой багыттай алчу кумары пайда болот



## Арам этке тойгон жолборстун олжосу

Дүйнөнүн кышкы футбол базарында быйыл капчыгы чытыраган жаңы көпөс пайда болду. Эки айдын ичинде Кытай 360 млн. долларлык соода кылып жиберди. Ал буга чейин эң бай деген Англис премьер-лигасынан 100 млн $га ашып түштү. Ушул күнгө чейин бир дагы кызыл кулак дүйнөлүк футбол базарына мынчылак тез жана орой кирип келгенге дааган эмес. Биринчи саптагы футбол жылдыздары Европадан кеткен жок. Бирок Кытайлык суперлигага бириккен командалардын агенттери өтө жогорку сапаттагы оюнчуларды сатып алышты.

Кытай 1979-жылы Мао о дүйнөгө аттанганда гана Эл аралык футбол федерациясына (ЭАФФ) кирген. 90-жылдары бул өлкө футболчуларын жакшы ийлеп, 2000-жылдардын башында биринчи жолу Дүйнө кубогунун финалдык бөлүгүнө катыша алган. Андан кийин Азия кубогунун финалдык матчында ойногон. Кытай лигасына олчойгон акчалар агып кирип, биринчи чет өлкөлүк футболчулар пайда болгон. Шанхайдын «Тсянсу Сунин» командасын машыктырган украиналык тренер ал кездеги кытай футболуна жаны ачып: «Мен 2000-жылы ал жакка барганымда жемкордук гүлдөп турган. Кытайлыктар кыйын соодагерлер. Түшкөн акчаны бөлүп, көзүнө көрүнгөн нерсенин баарын соодалагандар бат эле пайда болду. Акча кыстара коюп, легионерлерди алып келмейлер. Алар футбол эмес, башка нерселер менен алек болушчу. Сүйлөшүлгөн оюндар, калыстарды сатып алуу жана башка дөөпөрөстүктөр. Футбол деген жок болчу. Мунун баарын карап туруп жүрөгүң ооруйт!» – деп кейигени бар.

## Ши Жинпиңдин жүрүшү

«Мунун баарын» көрүп, жүрөгү ооругандардын арасында Кытайдын келечектеги лидери Ши Жинпиң да болгон. Кытайдын коммунисттик партиясы аны даярдыгы кап ортолоп калган Бээжиндеги Олимпиадалык оюндарынын курулушуна салган. Ши компартиянын башына келе элек кезде эле кытайдын атайын кызматтары спорттогу куу кекиртектердин эсебин таба баштаган. Футболдун казанын кайнаткан аткаминерлер жана футболчулар менен калыстарды жоопко тартуу 2009-жылы башталган. 2011-жылы «жүрөк ооруткан» көрүнүшкө катышкан жүзгө жакын адам абактарга солонгон. Алардын кээ бирлеринин соттору сыналгыдан түз көргөзүлүп, тооболорго толгон маектер менен коштолгон.

Иче-карыны артылган кытай футболуна акчалардын агымы мындан да артты. Дүйнөнүн эң таанымал футболчусу Девид Бэкхем 50 млн англис фунтуна беш жыл бою кытай футболунун жүзү болуп берүүгө макул болду. Кытайдын ири компаниялары Кытай суперлигасынын командаларын менчикке ала баштады. Бул командалардын чабармандары жакшы маянага иштеп берчү кесипкөйлөрдү издеп, дүйнө кезип жөнөшкөн.

2016-жылга чейин кытай футболунун өнүгүүсү акылга сыярлык, ыкчам жана пландуу деп табылган. Кытай лигасы футбол кесипкөйлөрүнүн арасында ардактуу эс алууга чыгар алдында капчыкты кампайтып алуу үчүн сонун мүмкүнчүлүк деп каралып калган. Бирок, албетте, Америка Кошмо Штаттарынын футболдук лигасынан артык болушу мүмкүн эмес эле. Аңгыча 2016 кирип келди. Бул жыл кытай футболу тууралуу калыптанып калган бардык түшүнүктөрдү унутта калтырды.

## 01.01.2016

1-январь күнү футбол биржасы ачылганда жылдар бою калыптанып келе жаткан баа/сапат түшүнүгүн базарды каптап кирген кытайлыктар талкалап түшүрдү. Кытай суперлигасынын ар бир катышуучусу эң аз дегенде бирден футбол жылдызын сатып алууга даяр экени билинди. Кытай клубдарынын өкүлдөрүнүн аракеттери бирөө аркылуу багытталган пландуу операция мүнөзүнө ээ болгону байкалган.

Төмөндө Кытайдын кышкы соодасындагы көзгө басарлык натыйжаларды гана санай кетсек: «Гуанчжоу Эвергранд» мадридик «Атлетикодон» колумбиялык Жексон Мартинести 42 млн еврого сатып алды. Абрамовичке таандык «Челсиден» бразилиялык Рамирес «Жаңсу Санинге» өттү. Бул оюнчу сыртынан 33 млн еврого сатылып, оюнчунун чөнтөгүнө 13 млн евро нак түшмөкчү. Бул анын «Челсидеги» ансыз деле бүйүр кызыткан маянасына салыштырмалуу эки жарым эсе көп. «Челсидеги» бир да оюнчунун кирешеси Рамирес Кытайда алган акчага жакындабайт. Ушул эле кытайлык клуб 50 млн еврого дагы бир бразилиялык Алекс Тейшераны сатып алды. «Жаңсу Санин» аны дүйнөдөгү эң күчтүү клубдардын бири «Ливерпул» берип жаткан баадан бир жарым эсе ашык төлөп сатып алган. Келишим боюнча Тейшеранын өзүнө бир жылда 10 млн. евро берилет. «Пари Сен-Жерменге» (ПСЖ) таандык европалык дагы бир супердолбоор болгон аргентиналык Эсекел Лавесси «Хэбэй Чайна Форчун» клубуна өтүү менен өз баасын төрт эсе, тактап айтканда, 15 млн еврого көтөргөн. Ошентип бул жакшы ойногон, бирок көпчүлүк убакта ПСЖнын негизги курамына кире албаган футболчу дүйнөнүн эң көп акча алган оюнчуларынын арасына кирип калды. Салыштыра кетсек, Криштиану Роналду «Реалда» жылына 17 млн. евро табат.

Европалыктарга белгисиз дагы бир команда, кытайлык «Шанхай SIPG» акыркы он жылдыкта англис футболу менен «Манчестер Юнайтед» клубунун эн тамгасы болгон Уэйн Руниге жүз миллиондук сунуш даярдап жаткан кези. Бул учурдун эң күчтүү футболчусу деп таанылган Леонель Месси таап жаткан акчадан беш эсе көп.

## Бийликке мас болуубу же...

Европалыктар кытайлыктардын кышкы футбол базарына жасаган чабуулуна Бээжин өкмөтүнүн жашыруун кеңеши себеп болду деген ойго келишкен. Анда чет өлкөлүк жылдыздарга акча аябай сарптай берүү буйругу берилген сыяктуу. Кээ бир сепепчилер Кытай Мамлекеттик кеңешинин 2014-жылынын 20-октябрында «спортко каражат жумшаган компаниянын киреше салыгы кыскарат» деген токтомун жергиликтүү көпөстөр түшүнүүгө толук бир жыл кетти дешет.

Коңшу мамлекеттин футболдогу секириги жогоруда жайгашкан сарайларда кылдат эсептелип чыкканын Кытай суперлигасынын сыналгылар менен түзгөн жаңы келишими да тастыктап турат. Ал мурунку жылдагы 20 млн. долларлык келишимин 20 эсе арттырып, 400 млн долларды чапчыды. Базар табиятында мынчалык артуу мүмкүн эмес. Бул келишим кытайлыктар Европаны каптаган убактан бир топ мурун түзүлгөн.

## Миллиарддык мегадолбоор

Орусия ишке ашыра албай келген, ишке ашыруусу мүмкүн да болбогон капиталисттик ыкмалар менен спорттук оюнзоокордун индустриясын куруу долбоорун көтөрүп кетерине Кытайдын бардык шарттары бар. Кытайда футболго кирчү орточо баа эмитен эле Орусияныкынан үч эсе кымбат. Футболдун элиталык лигасынын оюндарын теледен көрсөтүү жети эсе көп. Былтыркы сезондо эле Кытай суперлигасынын ар бир оюнуна 20 миңден ашык адам келген. Бул Орусияныкынан эки эсе көп болуп, Франция менен Италиянын деңгээлине жетти.

Кытайда бардык тармакта колдонулуп келген адам ресурсунун молдугу глобалдуу коммерциялык футбол лигасын куруп чыгуу үчүн да негизги шарт болуп берди. Бул коммерциялык долбоордун бутуна туруп кетүүсүнө кытайлыктар сан жагынан гана эмес, сапат жагынан да төп келишет. Себеби кытай элинин кумарпоз мүнөзү бар. Эгер кытай өкмөтү коммунисттик доордо киргизилген мыйзамын четке кагып, оюнда акча саюуга уруксат берсе (чынында тыюу салынганына карабай көмүскө жүргүзүлүп келет) дүйнөнүн ири букмекер конторлорунун миллиондогон долларлары кытай футболуна агып кире баштайт.

Алгачкы убактарда спорт оюндары АКШда калктын кумарпоздугунан акча жасоо ыкмасы катары гана колдонула баштаган. Андан кийин спорттук таймашты бирге көрүүнүн коомго чоң таасир берери байкалган. Стадионго баруу калктын орто катмарынын бош убактысын жөнгө салып, аларды бириктирип, элдин аракетин ачыкка чыгарууга жана бир тарапка багыттоого ыңгайлуу шарт түзөт. Адамдын, андан калса, үй-бүлөсүнүн сүйүктүү командасы ойногон стадион бир эле убакта жаңы сыйынуучу жайга айланат.

Кытай бийлиги үчүн күчтүү футболдук лига калктын орто катмарынын зыяны жок жана тыкыр көзөмөлгө ылайыктуу кумары пайда болуусу үчүн керек. Капитализм болсо аны өнүктүрүүчү ыкма катары колдонулат. Заманбап Кытай муну жакшы эле колдонуп келүүдө. Башында чоң, жалпы элди шыктандырган идея, андан соң анын негизинде бизнес.

ИГОРЬ ПОРОШИН, CARNEGIE.RU



# Аялым мени укпайт, эмне кылам?

**1) Жайнамазда Каабанын сүрөтү болсо, ага намаз окуу макрух болобу?**

Жооп: Жайнамаздагы Каабанын сүрөтү намазга эч кандай терс таасирин тийгизбейт. Деги эле, жайнамаздагы оюучиймелер адамдын көңүлүн өзүнө бурбай турган болсо, алагды кылбай турган болсо жакшыраак болот. Эркектерге жибек кездемеден жайнамаз колдонууга болбойт. Жандуулардын сүрөтү түшүрүлгөн жайнамаздарга намаз окуу макрух. А эгерде жайнамазда башка диндегилердин диний ырым-жырымдары, же белгилери тартылган болсо, андай жайнамазда намаз окуу таптакыр жакшы эмес. Уурдалып, же тартылып алынган жайнамаздарда намаз окуган да намаздын сообун кемитет.

**2) Жездем кичине эле туура эмес иш болсо, тескери дуба кылат. Бул кылганы туурабы?**

Жооп: Анын дубасы эле жапырт кабыл болуп жатыптыр деп ким айтыптыр? Дубанын кабыл болуусунун шарттары бар. Чын ниеттен чыккан, ордун тапкан дуба кабыл болот. Дуба кылуу менен зулумдук ишке ашпайт.

**3) Жаңы төрөлгөн наристе тиши менен төрөлсө, шариатта эмне кылуу керек?**

Жооп: Бул боюнча менде кандайдыр бир маалымат жок. Айтайын дегеним, андай таризде туулган балага өзгөчө мамиле кылуу милдеттүү эмес. Ошондой эле сүннөткө олтургузулган таризде төрөлгөн балдар бар. Аларга да өзгөчө мамиле арналбайт.

**4) Агам өлгөндөргө куран окубайт, дааватжолун жактыра бербейт. Бактияр ажынын баяндарын угууга тыюу салат. Бирок экөөбүз тең намаз окуйбуз. Арабызда келишпестиктер да чыга турган болду. Агамдын кылгандары туурабы?**

Жооп: Агаңыз, Куран окуп, анын сообун маркумдарга багыштабай турган жамааттан экен. Ал жамаат дааватты да, дааватчыны да жакшы көрө бербейт. Бактыяр дамла дааватчы дамла эмеспи?! Ал эле эмес, кээ бирлери мени да жактыра бербейт. Бардык адамдарга жагуу кыйын. Кээ бир адамдарга жагуунун өзү жагымсыз маанай жаратат.

Менин сизге кеңешим: агаңыз менен диний темада баарлашпаңыз. Жөн гана бир тууганддык сый мамиледе болгула! А, Бактыяр дамланы уксаңыз илиминен пайдаланганда башка зыян таппайсыз.

**5) Жолдошум менен ажырашып кеткениме 3 жыл болду, ортодо 2 балабыз бар. Ал башкага үйлөнүп 1 баласы бар. Ата-энем мени каржылап турат. Сурайын дегеним, жолдошум мени, балдарымды каржылоосу керекпи?**

Жооп: Сизди каржылоого милдеттүү эмес. А балдарды каржылоого милдеттүү. Балдардын бардык чыгымдары атасына милдеттүү. Эгерде сиз балдарды жуунтуп-тарантып, аларды тарбиялап жаткан болсоңуз, анда, сиздин убакытка төлөп берүүгө милдеттүү болот.

**6) Банктын акча которуу бөлүмүндө иштесе да күнөөбү?**

Жооп: Акча которуу жаатында иштеген күнөө эмес. Пенсияны, айлыктарды берген жаатта иштеген да күнөө эмес. Кудай Таалам адал ырыскы насип этсин, омийиин!.

**7) Эгер бир аял өзүмдү-өзүм камсыз кылам, мага акчанын кереги жок десе, аны экинчи аялдыкка алууга болобу?**

Жооп: Болот. Ыраазы болгон болсо болот. Бирок, мен, ушундай бакытты өзүмө ыраа көрбөс элем. Анткени аялдын акчасы менен курсагын тойгузган үй-бүлөдө адатта аялдын үнү үстөмдүк менен чыгат. Аны көргөн балдар туура эмес тарбия алышат. Аз да болсо эркектин таап келгенинде береке болот. Аял канча бай болсо да, анын байлыгы өзүнө буйрусун. Эркек аялды өзү бакканы ариет менен шариятка туура келет.

**8) Өлгөн адамдын оозунан тынымсыз кан кете берсе эмне кылуу керек?**

Жооп: Кебез тыгып койсо боло берет. Маркумду жуугандан кийин да кан кетсе, канды жөн эле сүртүп койсо да жарай берет. Жаңыдан кайра жуумак шарт эмес.

**9) Дүйнөлүк аалымдар шахмат ойноону арам деп чыгышыптыр. Бул нерсенин канчалык чындыгы бар?**

Жооп: Аны билбейт экенмин. Шахмат маселеси бүгүн жаңы чыгып калган жери жок. Илгертеден эле бар. Андыктан, аалымдардын ушул маселе үчүн чогулуусу шарт эмес. Шахмат маселеси төмөндөгүдөй таризде жоромолдонот:

Эгерде кумар катары, эки тараптын бири байге сайып ойноой турган болсо, же намаз сыяктуу ибаадаттан тосо турган болсо, же бала-чаканы багуудан, адал эмгек менен ырыскы табуудан тосо турган болсо, же жалган кошула турган болсо, же кимдир бирөөнү алдай турган болсо, анда шахмат оюну арам экендигине мусулман аалымдарынын "Ижмаасы" бар. Жогорудагы учурлар болбогон учурда, шахмат оюну тууралуу аалымдарда бир канча пикирлер бар.

Мааликийлер менен Ханбалийлердин мазхабында, о.э. Шаафийлерден Хулеймий жана Рувейяанийдин тандоосунда шахмат оюну таптакыр дурус эмес, арам. Бул маселе Азирети Алийден, Ибну Умардан, Ибну Аббастан ж.б.лардан риваят кылынат.

Шаафийлер менен Ханафийлердин мазхабында (биз кыргызстандыктар Ханафий мазхабын кармануучуларбыз), Мааликийкий мазхабындагы бир риваятта шахмат оюну макрух.

Ханафийлерден Абу Юсуф азиреттердин пикиринде, Шаафийлердин бир риваятында, жана Мааликийлердин дагы башка бир риваятында мубах (уруксат берилген) оюн. Шахмат оюнун мубах экендиги Азирети Абу Хурайрадан, Саьид б. Мусайийбтен, Саьиид б. Жубейрден, Мухаммад б. Мункадирден, Мухаммад б. Сиириинден, Урва б. Зубейрден, Хишаам б. Урвадан, Сулайман б. Ясаардан, Шаьбийден, Хасан Басрийден, Рабииьадан, Атаадан риваят кылынат.

Шахматтын арам экендиги тууралуу ачык жана сахих хадис жок. Куран аяттарында айтылган эмес. Арам дегендер сахабалардан келген "ижтихаадий" фатваларды карманышат.

Азыркы учурда Абу Юсуфтун риваятына амал кылуу ишке ашкандыгын кадыресе баамдоого болот. Валлооху аьлам.

**10) Жубайым иштеген жеринен уурулук кылып, колго түшүптүр. Аны билип калып мен смс аркылуу 3 талак бердим. Ушул туурабы?**

Жооп: Какаганга муштаган кылган турбайсыңбы? Териштирсең болмок экен. Мамлекетти уурдагандар деле жүрбөйбү? Мамлекеттин байлыгын катары менен уурдагандар азыр кадырлуу бизнесменге айланганын билбейсиңби? Албетте, анын кылганы туура эмес. Бирок, сенин кылганың жакшыбы? Анын уурулук кылганына сен күнөөлүүсүң! Биринчиден, аны багуу сенин милдетиң, ал иштебей эле сен таап келгенди жегенди билүүсү керек эле. Сен бакпаган үчүн, ал иштеди. Экинчиден, аны кызганбай, көчөгө ээн-эркин коё бергениң үчүн күнөөкөрсүң. Шариатта эркек киши менен аял кишинин уурулугу бирдей эмес. Эркектин шермендеси көбүрөөк деп эсептелет. Анткени, эркек табиятынан алдуу келет. Аялзаты назик. Анын назиктиги кээ бир нерселердин одонолугун жууп кетет.

**11) Намаз окуганда башка эле нерселерди ойлой берем. Бул намазымды бузбайбы?**

Жооп: Жок, берекем! Бузбайт. Шайтандын иши ошол. Сени бузсам дейт, сен ага моюн сунба.

**12) Тишке пломба койсо, гусул толук болбойбу?**

Жооп: Гусул толук боло берет. Ал сөзгө маани бербе!

**13) Бишкекте жинди чыгаруу боюнча күчтүү молдо керек болуп жатат. Дарегин, номерин берип коюңузду көптөн-көп суранам, устаз.**

Жооп: Борбордук мечитте Качкын аба, КАСИ мечитте Нурмухаммад каары, Дордой мечитте Жумалы ажы бар.

**14) Мышыкты аябай жакшы көрөм. Бирок мышык бир адамды жакшы көрүп калса, аны балалуу болбой калсын деп тилейт экен. Ушул туурабы?**

Жооп: Андай кеп жок. Мышыктын тилегин ким окуптур. Кээде өмүр бою жашаган аялынын тилегин таппай калат эркек кургуруң, анан мышыктыкын кантип билмек эле?

**15) "Аяна" деп ысым ыйгаруу туурабы? "Аянанын" ачык мааниси кандай?**

Жооп: Аян кыргыз тилинде "Боло турган иш, окуя жөнүндө алдын-ала билинген белги, жышаан". Түшүнө аян берүү деп да айтылат. Истихаара окуганда Кудай Таалам түшүнө аян берет деген мына ушул. Бул ысымды койгондо ата-эне Кудайдын бере турган жакшылыгынан аян болсун деп койгон эмеспи. Бул нукура кыргызча жакшы ысым. Анан, артындагы "а" тамгасы орусташып кеткенибиздин белгиси. Анткени, орустарда кыздардын аты адатта а жана я тамгалары менен бүтөт эмеспи. А, кыргыздарда андай адат милдеттүү эмес. Мисалы: Уруят, Гүлжамал, Гүлшайыр, Гүлназ, Гүлайым, Камкаян ж.б. .

**16) Мен карыган кемпир багып иштеп жатам. Намаз окууга мүмкүнчүлүк аз. Бир эле маал окусам болобу?**

Жооп: Бир кемпирди карасаң эле убактың жок болуп калса, анда сени караганга да бир адам керек болуп калат ко, бир тууганым, ыя!!? Анчалык бошошпо. Намазды калтырба! Миң кемпир карасаң да, аларга абышкаларын кошуп карасаң да намазды калтырба!

**17) Жубайым такыр баш ийбей турган болду. Колуна кичине акча тийсе эле, адам тааныбай калат. Ажырашып кетейин дейм, бирок ортодо 3 балабыз бар. Мурун андай эмес болчу, балдарды төрөгөндөн кийин кыйын болуп чыга келди. Эмне кылсам болот, устаз?** (Устаз суроону толук окуду)

Жооп: Сен дааватка чык, берекем. Мастуурат жамаат деген берекелүү жамаат бар. Ошого аялың менен чыксаң, аялың жакшы жагына өзгөрөт. Дубадан калба. Жаман айтпа!

**18) Зынаа кылуудан тыйылуунун жолдорун айтып өтсөңүз, устаз?**

Жооп: Орозо тут, а болбосо, үйлөн. Бир аял алып тыйылбасаң, экинчи аял ал. Илим ал. Жакшыларга шерик бол, жамандардан кач.

**19) Бала итий болуп бараткaнда аттын шыйрагына киринтүү, баланын 40 чыгаруу деген нерселерге ишенсе болобу?**

Жооп: Аттын шыйрагында, сөөктө пайдалуу заттар бар болушу ыктымал. Бардык нерсени ширкке чыгара берген болбойт. Баланын кыркы деген жок, баланын апасынын кыркы деген бар. Кыргыз эли сөздү тандап сүйлөгөн ак сөөк-мырза эл болгондуктан, аялдын кыркы дебестен, баланын кыркы деп тергеп айткан. Садага кетсе болот ушундай улуу элден.

**20) Намаз окуймун, атам мечитке эле бара бересиң десе, апам сакалың ал деп урушат. Эмне кылсам, устаз?**

Жооп: Ата-энеңди капа кылба! Аларды ыраазы кыл. Баары ордуна келет.

**21) Жолдошумдан 4 жаш улуумун. 1 жашта балам жана 7 айлык боюмда бар. Баланын апасы элден уялып мени кабыл албай койду. Аны менен жашасаң каргышыма каласың дейт. Ошого сиздин кеңешиңизди уксак дегенбиз?**

Жооп: Кызга бергис жубан бар, атка бергис кунан бар. Жашка бергис, жашы улуу бар. Ортоңордо сүйүү болсо, акырындап баары ордуна келет. Сиз аны жаман көрбөңүз. Кийин кектебеңиз. Аны түшүнүңүз. Балаңызды жасантып, атасына жетелетип, белек-бечкек менен жибере бериңиз. Эне эмеспи, жүрөгү жибийт. А сиз, бактылуу болуңуз. Күйөөңүздү сүйүңүз. Намазды калтырбаңыз. Кудайдан калбагандарды, Кудайым кур калтырбайт.

**22) Жолдошумдун астмасы бар. Орозо учурунда чачма дары сепсе, оозу ачылбайбы?**

Жооп: Ин шаа Аллах, ачылбайт. Орозо кармасын.

**23) Жаш баланын башына жол түшүп калса эмне кылыш керек?**

Жооп: Доктурга баруу керек...

Атактуу аалым Чубак ажы Жалиловго суроолоруңуздарды **SMS** же **Whatsapp** аркылуу **0773-61-54-87** номуруна жибериңиздер!

***Эскертүү: аталган номур Чубак ажыныкы эмес***

# Безетки жана андан арылуу

Өткөн санызбызда белгилүү адис, врач, дермато-косметолог, пластикалык хирургия клиникасынын жетекчиси Айнура Сагынбаевадан териге туура кам көрүү боюнча кеңеш алганбыз. Бул санда анын ошол эле теринин бир бөлүгү жана көпчүлүк арыла албай жүргөн безетки көйгөйү тууралуу кеңештерин сунабыз



## Безетки. Көйгөйлүү тери бөлүмү

Муну ар түрдүү аташат (безетки, "бойдок", "аллергия" ж.б.). Бизге терисинде көйгөйү бар көптөгөн кыздар жана эркектер келишет. Келгендердин 80%ы сөзүнүн башында эле бардык дарыгерлерге барганын, дарылануудан тажаганын айтышат. Бул оору 5 же 10 күндө айыгып кетпейт. Кээде бир же эки айга чейин созулат. Териге байкоо салып, тыкыз иш жүргүзүү керек. Буга көпчүлүктүн чыдамы жетпейт. Безетки, же латынча акне – май бездеринин жана чач тамырларынын сезгенүүсү дегенди түшүндүрөт.

## Себептери

**Биринчи жана негизги себеп** – бул тукум куучулук. Эгер энесинде же атасында болгон болсо, анда чын эле балдарында да көйгөйлүү тери болот.

**2-себеби** – бул гормондор. Аялдардын жана эркектердин организминде аялдын да, эркектин да гормондору сөзсүз иштелип чыгат. Ага ылайык, аялдардыкында аялдын, эркектердикинде эркектин гормондору көп болууга тийиш.

**3-себеби** – ички органдардын оорусу. Баарынан көп боор (гепатит, май гепатоз ж.б.), өт (холецистит, өттүн дискинезиясы ж.б.), ичегилердин (тамак сиңире албай калуунун белгилери, дисбактериоз), карын астындагы без (өнөкөт панкреатит) сезгенүүсү.

**Дагы бир себеп** – демодекс (тери астындагы кене). Акыркы учурларда демодекс оорусу жайылып кетти. Деги демодекс деген эмне? Сөөлжанга окшогон бул кичинекей мите абдан таза териде дагы жашайт. Бирок ал бизде ооруну чакырбайт. Эгер ал териде көп болсо жана теринин иммунитети төмөндөп кетсе (ички органдардын ооруларынан улам жана териге туура эмес кам көрүлгөндүктөн) анын кесепетинен безеткилер жана сезгенүү пайда болот. Демодексти дарылоо өтө оор жана организмдин иммунитетин күчтөндүрүүгө багытталат. Мындан сырткары, эгер организмде мите курттар болсо, адам кандайдыр бир дары ичсе же кесиптик безеткилерде (мисалы ашпозчуларда) тери бузулат.

## Безетки кандайча пайда болот?

Таза теридеги май (тери майы) иштеп чыгаруучу "чакан заводдорубуз" сыртты көрүнүшүнөн өсүмдүк майын элестеткендей суюк май өндүрүп, терини майлап турушу керек. Эгер биздин терибизди бактериялардан кычкылдык сактай турганын эстесек, анда май да кычкыл болууга тийиш. Тактап айтканда, ага түшкөн бактериялар жана башка териге зыян алып келүүчү микроорганизмдер ээрип, бизге эч кандай залал келтире албайт. Безетки оорусунда болсо (же латынча акне) тери майы катууланып, чоюлчаак болуп, койдун майындай тоңуп калат да, өзүнүн коргоо касиетин жоготот. Теринин кычкылдуулугу өзгөрүп, жегич затка оойт. Эгер буга каршы кыз же эркек самын менен жуунса (химияда самын жегич зат да), анда тери бактериялардан эч кандай коргоно албай калат. Андан кийин эмне болот? Териден дайыма ажырап жана түшүп туруучу эпидермистин эң жогорку катмарындагы кабырчык туура эмес тери майы менен клейлегендей чапталышат да, теринин ансыз да толуп калган тешиктерин жаап салат. Башкача айтканда, безеткиден жабыркаган териде көзгө көрүнбөгөн калың кабыкча пайда болот. Бири-бири менен клейленген жансыз кабырчыктар менен үстүнөн капталган, майга толгон тешиктерди элестетиңиз. Анда микробдор көбөйүп, сезгенүү жана безетки пайда боло баштайт.

## Безетки оорусун дарылоо

Безеткини дарылоо көпкө созулат жана көп чыгым талап кылат. Бирок айыктырууга толук мүмкүн. Дарылоодо жакшы жыйынтыкка жетүү үчүн болгону мыкты адис таап, көп акча сарптоого жана эң башкысы, күн сайын өзүн мажбурлап, терисине кам көрүүгө даярмын дегендер аз.

### Безетки оорусуна кабылгандар үчүн тамак-аштын тизмеси

**Азайтылчу тамактар:** куурулган майлуу тамактар, жумуртка, майлуу эт.

**Жегенге болбой тургандар:** таттуу, жаңгак, малина, кулпунай, цитрус жемиштери (апельсин, мандарин, лимон).

> "Эң кыйын жумуш - эртең менентен кечке чейин сулуу болуп жүрүү"
>
> *Бриджит Бардо*

### Көйгөйлүү териге кантип кам көрүү керек

1. Курамына салицил кычкылы, ромашканын, календуланын маңызы кошулуп, көйгөйлүү тери үчүн чыгарылган жуунуучу гель менен күн сайын кечинде бетти тазалоо;
2. Күнүгө 2 ирет эртең менен кечинде салицил кычкылы кошулган лосьонго малынган кебез менен бетти сүрүп туруу (бетти кычкылдандыруу үчүн);
3. Аптасына 2 жолу көйгөйлүү тери үчүн чыгарылган скрабды колдонуу (бетти нымдап, скрабды сүйкөп жана акырындан укалап, жылуу суу менен чайкоо керек);
4. Түнкүсүн көйгөйлүү терини нымдоо үчүн чыгарылган кремди сөзсүз сүйкөңүз (эстеңиз, көйгөйлүү териде суу аз жана май көп, аны нымдоо керек);
5. Майлуу көйгөйлүү териге айланган "oil free", "Sebum control" деген жазуусу бар тоналдык же күндөн сактоочу крем болушу шарт. Антпесе сиз теринин тешиктерин бүтөп, теринин абалын начарлатып жибересиз.
6. Тешиктерди бүтөп салбоо үчүн пудраны аз колдонуңуз. Эсиңизде болсун, бетте декоративдик косметика өтө аз көлөмдө болушу керек. Анткени ооруп жаткан териге оорчулук келтирүүгө болбойт.
7. Өз алдыңызча безеткини жана кара чекиттерди сыкпаңыз. Сиз тактардын кеңейүүсүн күчөтүп жибересиз жана сыгылган безеткинин ордуна оңой менен кетпей турган тырыктар пайда болушу мүмкүн.
8. Көйгөйлүү тери сезгич болорун унутпаңыз. Ошон үчүн териге кам көрүүдө жаңы каражаттарды колдонууда этият болуңуз. Дарыгер менен кеңешпей туруп эксперимент кылбаңыз.

Бетти даярдаган: АЙНАГҮЛ КУДАЙБЕРДИЕВА

# Пой, Женби пой

*Эл кызматын менчиктей*
*белек кылган замана,*
*Кылбаганын кылдым деп,*
*желек кылган замана.*



Бүгүн кеп креслодон көзү кылтайып, үзөңгүдөн бут тайып, ичпей-жебей масайган, чакыйган күндө кашайган Темр Сардын орду жөнүндө болмокчу. Ооба, кайран Темр күтпөгөн жерден капканга чабылып, бир заматта жогорку манекбаштыгын алдырып, күлгө чапкан өпкөдөй бозала болуп отуруп калды. Эмне кылсын анан? Бу жалган ушундай тура. Айрыкча, бу Кумурзстанда уш-шундай экен, Кумурзстандыктар өздөрү да күткөн эмес, мынчалык экенин. Анан эмне болду дейсиз? Манекбаштын орду бош калмак беле? Бир заматта эле Социал Дөөбраттар жетип келди Жогорку Данекке «Силерде бир гүл бар экен, бизде бир булбул бар», – дешип. «Эмне болгон булбул» деп сураганга да үлгүрүшкөн жок. Кылыгы кыздай буралган, куйругу жерге чубалган, көркөмү күндөй суналган, көкүлү гүлдөй буралган Сори Женби чыкты суналып. «Болсун, болсун» деп эле алакан чаап, чачыла чачып тосуп алышты баары. Кубанычтан көзүнүн жашын тарта албай, мурдунун суусун арта албай жашып жүргөндөр болду. Айрыкча, Жогорку Данекке келгени улууга да, кичүүгө да, күңгөйгө да, тескейге да жагып, аста басып буралган, көк кайыңдай суналган, секин басып буралган, семичкедей суналган, өзгөгө кыңк этпеген, жакынга жылт этпеген, айтканды эки кылбаган, шилтеген жакка туйлаган элпек уялашы Асли Женбинин кубанычында чек жок чиркин.

– Мен ушул күндүн келээрин билгем, – деп кыйкырып жиберди, ал чыдабай. Ушул жерден жаңы эле сайрап баштаган чегирткени чымчык илип кеткендей эле тымтырс боло түштү.

– Кайдан билдиң эле? Же бул мурдатан ойлонуштурулган иш беле? – деди кимдир бирөө. Кычаштык менен ушунтип сурадыбы, же чын эле билбей сурап алдыбы? Белгисиз.

– Жок. Жок... кайдагы ойлонгон... Жо мен кубанганыман эле... Мындай болорун эч ким билген эмес туурабы? – деп алдастап кетти Асли. Айрыкча, Шашанын кабагын карыш түйө караганы аны ого бетер алдастатты.

– Ой, койгулачы кайдагыны баштабай, – деп созолонду Сори. Мен жогорку манек болом дегенди түшүмдө да көргөн эмесмин. Бакс акам айткандай, ашаткы жеп эле уямда отургам. Аңгыча ургаачым «капта талкан түгөндү. Иштебейсиңби» деп калды. Макул иштесе иштейин деп чыксам эле «Жогорку Манекбаш болуп иштегенге бирөө керек» деген жарыя илинип туруптур. Ошентип келип калдым. Негизи Кумурзстанда жумуш табыш аябай оңой. Жок эле дегенде данекбаш болуп иштесең болот. Жанагы жумуш жок деген кумурскаларга таң калам да, тобаа, – деп көзүн сүздү.

Ошону менен баары кубаттап кетти да, жанагы майрамдоо, куттуктоо кайра башталды. Айрыкча Асли Женби менен Сори Женбинин кубанычында чек жок. Капыстан эле кимдир бирөө «пой, Жонби, пой» деп кыйкырып калды. Ошону менен экөө чөптөрдү айланып, жерге тоголонуп, кубалашып чуркап бийлеп башташты. Кай бир данекбаштар алардын артына тура калып кошо бийлеп жүрсө, кай бири көзүнө жаш алып, кол чаап турду. Бир гана Шаша Хахамбайдын көзүндө кубаныч жок эле. Ал тетирисинче, кайгыга батып тургандай, муңайып алыптыр. Муну илгиртпей байкаган Чинго Гакун жалжайган оозун кымырып, акырын шыбырады.

– Бир жериңиз ооруп турабы, Хахамбич? (өзүн гелита сезгендер бири-бирине ушунтип бич, сич деп кайрылмай адаты бар)

– Жок. Тигилерге боорум ооруйт.

– Аа. Эми башыңыз аман болсунчу. Андан көрө чакырып угузуп коёлубу?

– Мейлиң. Угузсаң угуз. Бирок, менин көзүмчө эмес.

Гакун саал башын ийип таазим кылды да нары басып кетти. Анан баягысындай эле томполоңдоп бийлемиш болуп барып, Аслини имере тартып эшикти карай жетеледи. Бечара Асли мунусун кадимкидей эле бийге чакырчуудай көрдү. Эмне чоочун неме беле? Качантан бери эле тайраңдап, сайраңдап жүргөн немелер эмеспи. Дароо кынала калды эле Чинго чимирилткен бойдон сыртка чыгарып кетти. Сори болсо эч нерседен капарсыз колдон-колго өтүп чимирилип, бакытка балкыган бойдон калды.

Эшикке чыккан соң Гакун тигини акырын токтотуп көзүнө тигиле карады.

– Эмне болду сага Чинго? Эмне мынча карап атасың? – деди Асли наздана күлүп.

– Сага айта турган сөзүм бар, – деди Гакун ойлуу тарта.

– Эмне сөз? Тынчылыкпы деги? Же көйнөгүмө шарап төгүлүп калыптырбы?

– Жок, жок. Көйнөгүң сонун. Эч айып жок.

– Анда эмне болду? Мурдум дердейип калыптырбы?

– Жок ой, кайдагы дердейген? Сенин мурдуң дайыма кыпчылып турат да, Асли.

– Ии, анда эмне болду?

– Мындай да. Негизи Кумурзстандын элин билесиң да. Мындай жөргөмүш мүнөз болуп, тынч тура албаган эл.

– Ооба, билем. Мен деле ошондоймун. Мына, мен деле минтип сыраңдап коём жөргөмүшчө... хи-хи-хи.

– Жо коётурчу Асли. Кептин баары ошондо. Негизи биздин эл коркунучтуу. Ошондуктан бир уядан чыккан эки кумурска бир убакта бийликте отурганга болбойт. Түшүндүңбү?

– Аа, ооба, билем аны.

– Билсең ошол. Капа болбо, бирок Сори үчүн өз ордуңду садага чабышың керек.

Асли жалдырап эле туруп калды. Жанагы жылтылдаган көздөр бир заматта нуру өчүп, көмүргө айланып бараткан чоктой тунарды. Чинго мынчалык болот деп күткөн эмес. Өзү деле даяр болуш керек деп ойлогон. Көрсө, бул ойлонбоптур аны. «Балакет» деп коркуп кетти Гакун. Аслинин кыпчылган мурду ого бетер кыпчылып, биротоло жабылып калчудай сезилди ага.

– Эй, эсиңе кел, Асли! Өлгөн атасыңбы эмне? – деди ал. Жакасынан кармап жаакка чапкылап көрдү. Бирок, тигинин мурду кыпчылгандан кыпчылып эле кетип баратат. Жөн койсо ушул жерден эле өлүп калчудай. Коркуп кеткен Чинго чөнтөгүн аңтарса, тигинисинен деле, мунусунан деле сапырылып ун чыкты. Бир кезде ундун баарын катып коюп, баасы көтөрүлгөндө чөнтөгүнө сала чыгып сатып байыган болчу. Ошол ундан калып калган экен чөнтөгүндө.

– Балам, унду кастарла. Ачканы тойгузган, өлгөндү тирилткен ун, – деп атасы да көп айтчу эле.

– Өлгөндү тирилткен ун болсо, мына сага, – деп уучтай калып Аслинин мурдун карай үйлөп жебирди сапырылта. Мына сага, сыйкыр деген ушул. Таноосу кыпчылып, өлүп бараткан Асли чүчкүрүп-бышкырып тура калды. «Өхх» деп этек-жеңин кагынды берки.

– Тобоо, кызмат үчүн өлөт деген ушул тура, – деп жакасын карманды анан. Бирок, эртеңки күнү ушундай абалга өзү да кептелерин ойлогондо заманасы куурулуп, азыр эле өлгүсү келип кетти.

– Мен болду жашагым келбейт, – деп бышактап жиберди Асли эсине келе албай жатып.

– Кой, Асли. Өзүң үчүн болбосо да уялашың үчүн жашашың керек. Бүгүн анын эң сонун күнү. Канчадан бери күткөн тилеги ишке ашты. Анда көрө азыр барып тизмеге туруп кой. Кезегиң келгенде бир кызматты басып жыгыласың. Ал күндөр деле бат эле келет...

– Болуптур... Маңдайга жазганы ушул болсо көнбөскө арга канча. Уялашым үчүн эң кымбат, жаныман да кымбат, намысыман да кымбат, деги мен үчүн баарынан кымбат ордумду садага чаптым... Болуптур...

– Азаматсың Асли! Мындай эрдик буга чейин Кумурзстан тарыхында болгон эмес. Биз сенин ушул эрдигиңди эч качан унутпайбыз. Мен азыр Хахамбичке да айтам.

Ошентип экөө тең ой басып кайра ичке кирешти. Асли кол жууган кызматын ойлоп сыздап отурса, Чинго акыры бир күнү өзү да ушул кейипке келерин ойлоп маанайы чөктү. А Сори болсо кудум ушул бойдон түбөлүк манекбаш болчудай кудуңдап бийлеп жатты... «хе шордуум. Менин көз алдымда эле далай кумурска ушунтип бийлеген» деди Чинго аны карап туруп. Көз алдынан тынымсыз алмашкан жогорку манекбаштар өтүп жатты тизмектелип. Өтүп жатты, өтүп жатты...

ЧЫНДЫК АЙТПАСОВ





| Аймактар | Сынак өткөрүлүүчү убакыт | Сынак өткөрүлүүчү жер |
|---|---|---|
| Чүй | 23.04.16 | Байтик а. "Кут Билим" |
| Ош | 07.05.16 | Ош ш. "SECOM" |
| Нарын | 16.04.16 | Нарын ш. "SECOM" |
| Ысык-Көл | 19.04.16 | Каракол ш."SECOM" |
| Жалал-Абад | 07.05.16 | Ош ш. "SECOM" |
| Баткен | 07.05.16 | Ош ш. "SECOM" |
| Талас | 16.04.16 | Талас ш. "SECOM" |

**Байланыш тел:**
**0771311334**
**0778166177**
**0557253527**

**Дареги:**
Чүй облусу,
Аламүдүн р-ну,
Байтик айылы

